«ДЕМОКРАТИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ»
КООМДУК ФОНДУ ТАРАБЫНАН АКШнын МАМЛЕКЕТТИК
ДЕПАРТАМЕНТИНИН КОЛДООСУ МЕНЕН ИШКЕ
АШЫРЫЛЫП ЖАТКАН БУУӨПтүн «КЫРГЫЗСТАНДАГЫ
ГЕНДЕРДИК ЗОРДУК ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУ» ДОЛБООРУ

# АЯЛДАРГА КАРАТА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ЖЫЙНАГЫ

ДПИБ

Демократиялык процесстерди изилдөө борбору

# Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуу көйгөйлөрүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларынын

# ЖЫЙНАГЫ

Полноправные люди.
Устойчивые страны.

*Бул басылма «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» коомдук фонду тарабынан даярдалып, АКШнын Мамлекеттик департаментинин каржылык колдоосу менен БУУӨПтүн «Кыргызстандагы гендердик зордук зомбулуктун алдын алуу» долбоорунун алкагында жарыкка чыкты.*

*Бул басылмадагы ой-пикирлер АКШнын Өкмөтүнүн, Бириккен Улуттар Уюмунун, анын программаларынын, долбоорлорунун же өкмөттөрүнүн көз караштарын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр тигил же бул өлкөнүн, аймактын же райондун, же алардын чек араларынын укуктук макамына тиешелүү кандайдыр бир ой-пикирлерди билдирбейт.*

УДК 396
ББК 66.74
А 99

**Кеңешчилер:**

А.С. Осмонова, ю.и.к., Кыргыз Республикасынын Ички иштер министринин кеңешчиси, милициянын полковниги.

Т.А.Алижанов, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук кызматынын милициянын кварталдык бөлүмүнүн башкы тескөөчүсү, милициянын полковниги.

А 99 Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуу көйгөйлөрүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларынын жыйнагы/ Түзүүчүлөр: Л.К. Илибезова, Д.И.Макембаева, Т.К..Тюлекова – Б.: 2018, – 110 б.

Аялдардын укуктарын гендердик зомбулуктан коргоо жаатындагы эл аралык мыйзамдар деп аталган I бөлүмдү кыргыз тилине которгон: Г.А.Жумабаева.

ISBN 978-9967-11-644-3

Бул жыйнакка гендердик зомбулуктун алдын алуу, ага таасир этүү жана аны токтотуу көйгөйлөрүнө тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан жана эл аралык-укуктук документтерден үзүндүлөр, анын ичинде ички иштер органдарынын кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулук менен иш алып баруу жаатындагы милдеттерин бекитүүчү Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин акттары киргизилди. Жыйнак, ИИМдин Академиясынын курсанттарына жана угуучуларына, ИИМ, ички иштер органдарынын кызматкерлерине, прокуратуранын кызматкерлерине, юридикалык жогорку жана орто окуу жайларынын студенттерине, ошондой эле гендердик зомбулук жаатындагы мыйзамдарга кызыкдар окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналды.

Бул жыйнак, «Токтом маалыматтык борборунун» www.toktom.kg сайтындагы 2018-жылдын 1-январдагы абалына ылайык сунушталган ченемдик-укуктук актыларынын негизинде түзүлдү.

А 0803010200-18
ISBN 978-9967-11-644-3

УДК 396
ББК 66.74
© Түзүүчүлөрдүн курамы, 2018-ж.

## МАЗМУНУ

**БАШ СӨЗ ........ 6**

**I бөлүм. АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МЫЙЗАМДАР ........ 9**

АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ ........ 10

АТУУЛДУК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ПАКТ ........ 10

ЭКОНОМИКАЛЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР ЖӨНҮНДӨ........ 11

ЭЛ АРАЛЫК ПАКТ ........ 11

АТУУЛДУК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ПАКТСЫНЫН ФАКУЛЬТАТИВДИК ПРОТОКОЛУ........ 11

АЯЛДАРГА КАРАТА БАСМЫРЛООНУН БАРДЫК ТҮРЛӨРҮН ЖОК КЫЛУУ БОЮНЧА КОНВЕНЦИЯСЫ ........ 12

№19 ЖАЛПЫ СУНУШТАМАЛАР ........ 14

№ 19 ЖАЛПЫ СУНУШТАМАЛАРДЫ ЖАҢЫЛООГО АРНАЛГАН АЯЛДАРГА КАРАТА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ЖӨНҮНДӨ № 35 ЖАЛПЫ СУНУШТАМА ........ 19

ПЕКИН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ ........ 21

2030-ЖЫЛДАРГА ЧЕЙИН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ БОЮНЧА КҮН ТАРТИБИ........ 22

**II бөлүм. АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ КРнын УЛУТТУК МЫЙЗАМДАРЫ ........ 25**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ ........ 26

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИ........ 26

АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЖӨНҮНДӨ КОДЕКС ........ 30

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨ КОДЕКСИ ........ 32

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ........ 33

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ЭРКЕКТЕР МЕНЕН АЯЛДАР ҮЧҮН БИРДЕЙ УКУКТАР МЕНЕН БИРДЕЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮН МАМЛЕКЕТТИК КЕПИЛДИКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ ........ 36

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ........ 38

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ «КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨНҮН НЕГИЗДЕРИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ........ 56

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ ........ 58

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ УКУК БУЗУУЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ........ 58

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ........ 59

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «АКСАКАЛДАР СОТТОРУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ ........ 59

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ ЖАНА РАДИОУКТУРУУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ ........ 60

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ЖАРНАК ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ........ 60

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «КУРАЛ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ ........ 61

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ, 2017-ЖЫЛДЫН 3-ОКТЯБРЫ № 642 КОРГОО ОРДЕРИНИН ФОРМАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ ........................ 62

**III бөлүм. ИИМдин ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК АКТЫЛАРЫ ................................................ 67**

ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ БУЙРУК 14.11. 2017 Ж. № 970 «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖАНА САКТОО БОЮНЧА КРДИН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУ БОЮНЧА НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ........................................................................ 68

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ БУЙРУК «13» 11 2017-Ж. №963 «БЕРИЛГЕН КОРГОО ОРДЕРЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ, ҮЙ-БҮЛӨДӨ ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДАР, ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТКАНДАР ЖӨНҮНДӨ ВЕДОМСТВОЛУК ОТЧЕТТУУЛУКТУН ФОРМАЛАРЫН ЖАНА БЕРИЛГЕН КОРГОО ОРДЕРЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ, ҮЙ-БҮЛӨДӨ ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДАР, ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТКАНДАР ЖӨНҮНДӨ ВЕДОМСТВОЛУК СТАТИСТИКАЛЫК ОТЧЕТТОРДУ ТҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ТУУРАЛУУ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ........................................ 90

**Кыскартуулар**

| | |
|---|---|
| МШБ/МАБ | Милициянын шаардык/айылдык бөлүмү |
| МТББ | Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгы |
| ӨИТ | Өспүрүмдөрдүн иштери боюнча тескөөчү |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| ИИМ | Ички иштер министрлиги |
| ИИО | Ички иштер органдары |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| ККК | Коомдук коопсуздук кызматы |
| МЫУӨ | Милициянын ыйгарым укуктуу өкүлү |
| ТӨМ | Туруктуу өнүгүү максаттары |

## БАШ СӨЗ

Аялдарга карата зомбулукту жок кылуу көйгөйү Кыргыз Республикасы үчүн жаңы көйгөйлөрдөн эмес, анын тарыхы терең тамырлашкан. Ошол эле убакта экономикалык туруксуздук, акыркы он жыл аралыгындагы коомдун патриархалдашуусунун өсүшү гендердик зомбулук көйгөйүн күчөтүп жиберди.

БУУнун Аялдарга карата зомбулукту кыскартуу жөнүндөгү декларациясында мамлекеттин узак убакыт бою аялдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кыла албай келе жаткандыгына тынчсыздануусун билдирген жана аялдарга карата зомбулук «эркектер менен аялдардын ортосундагы күчтөр тарыхый жактан бирдей эмес бөлүштүрүлүп калгандыгынан улам келип чыгууда, бул болсо аялдарды үстүнөн башкарууга жана эркектердин аялдарды басынтуусуна алып келди» жана «аялдарга карата зомбулук, эркектерге салыштырмалуу аялдарды баш ийген абалда болууга мажбурлаган бирден-бир негизги социалдык механизмдерден болуп саналат» деп айтылат.

1995-жылы Пекинде болуп өткөн Аялдардын абалдары боюнча төртүнчү бүткүл дүйнөлүк конференцияда кабыл алынган Аракеттердин Платформасы эл аралык жамааттардын, өкмөттөрдүн жана жарандык коомдордун өзгөчө көңүл буруусун талап кылган 12 маанилүү милдеттердин бири катары аялдарга карата зомбулукту аныктады.

Платформада, аялдарга карата зомбулук тең укуктуулук, өнүгүү жана тынчтык максаттарына жетүү жолундагы башкы тоскоолдуктардын бири, адам укуктарын жана аялдардын негизги эркиндиктерин бузуу болуп эсептелет деп белгиленген. Платформада бардык коомчулукта аялдар жана кыздар кирешелеринин, коомдогу абалынын жана маданий деңгээлинен көз карандысыз түрдө зомбулукка кабылышат. Ошону менен катар эле, аялдардын социалдык жана экономикалык макамдарынын төмөн болушу аялдарга карата зомбулуктун себептери дагы, ошондой эле залакасы дагы болушу мүмкүн.

Туруктуу өнүгүү максаттарынын 5-максаты, коомдук жана жеке чөйрөлөрдө, анын ичинде адам сатуу жаатында дагы бардык аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун бардык формаларын жок кылуу болуп саналат. Ошондой эле, өлкөлөргө балдар, эрте жана мажбурлаган никелер сыяктуу зыяндуу көрүнүштөрдү түп тамыры менен жок кылуу сунушталган.

Гендердик зомбулуктун зыяндары физикалык жактан зыян келтирүүнүн алкагынан чыгып кетет. Аялдардын баштарынан кечирген зомбулуктун психологиялык залакалары алардын өзүн өзү баалоо сезимдерин талкалайт, анын эркин жана коргонуу сезимин кулпулап коёт. Аялдарга карата зомбулук алардын үй-бүлөлөрүнүн жана коомдун жакырланышына жол ачат, экономиканын өнүмдүүлүгүн төмөндөтөт. Зомбулуктун жыйынтыгында кылмыштуулук өсүүдө, мамлекеттин ресурстары жарандардын ден-соолуктарын калыбына келтирүүгө жана сот акыйкаттыгына жөнөтүүгө жумшалууда. Зомбулук ошондой эле, уялуу сезими аркылуу дагы тереңдеп жатат, ал аялдарга зомбулук актысы болгондугун, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жоктугу жана укуктук билимдердин жетишсиздиги жөнүндө ачык айтууга жол бербей келе жатат.

МДИ-2012[1] көрсөткүчтөрүнө ылайык, Кыргыз Республикасында никеде турган 15–49 жаш-курактарындагы ар бир төртүнчү аял күйөөсү же өнөктөшү тарабынан сексуалдык, же физикалык зомбулукка туш болушкан, ал эми респонденттердин 17 проценти изилдөөнүн алдындагы акыркы 12 айдын ичинде мындай зомбулуктарды баштарынан кечиришкен. Аялдардын жети проценти кош бойлуулук учурунда физикалык зомбулукка кабылышкан. Аялдардын арасында күйөөсүнөн зомбулукту көп көргөн аялдардын көрсөткүчү эң жогорку болуп эсептелет, (күйөөлөрү дайыма арак ичкендер 70 процент) жана булардын ичинен, күйөөлөрү арак ичкен, бирок эч качан мас болбогондор эң төмөн көрсөткүчтү берген (10 процент). Күнүмдүк жашоо-тиричиликке байланыштуу зомбулук муундан муунга кеңири түрдө өтүп келе жатат. Болжолдуу түрдө алганда, атасы апасын урбагандарга (23 процента) караганда, атасы апасын урган аялдар (52 процент) жолдошу тарабынан жасалуучу зомбулуктун тигил же бул түрүнө эки эсеге көбүрөөк кабылышат. Үй-бүлөлүк зомбулук өзүнүн олуттуу зыяндары менен талкалоочу күчкө ээ. Күйөөсү тарабынан физикалык, же сексуалдык зомбулукка кабылган респонденттердин жарымынан көбү (57 проценти) физикалык жаракаттарды алышкан: анын ичинде сөөктөрүн сындырышкан жана тиштерин талкалашкан, денесинде болсо, кесилген тактар жана шишиктер калган.

Кыргыз Республикасы татаалдыктарга карабай, аялдарды жана кыздарды гендердик зомбулуктун бардык формаларынан коргоонун мыйзамдык механизмдерин колдоого алууга аракет кылып жатат. Гендердик кылмыштар чөйрөсүндөгү кылмыш жана административдик мыйзамдар дайыма жеткиликтүү түрдө иштелип келе жатат. 2003-жылдан бери республикада үй-бүлөлүк зомбулукту төмөндөтүүгө багытталган атайын мыйзам иштеп келе жатат, ал 2017-жылы абдан жеткиликтүү түрдө иштелип чыкты. Ушундан улам, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин жана прокуратуранын кызматкерлерин даярдоо жалпы түшүнүк берүүчү аппаратын жана мыйзамдык базасын өздөштүрүүдөн башталышы керек экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Бул жыйнактын максаты прокуратура кызматкерлеринин, курсанттардын жана КРнын ИИМнин Академиясынын угуучуларынын, гендердик зомбулук жаатында кыздардын жана аялдардын укуктарын коргоо чөйрөсүндө иштеген ички иштер органдарынын кызматкерлеринин потенциалдарын жогорулатуу болуп эсептелет. Мында гендердик зомбулуктун алдын алууга жана токтотууга багытталган негизги эл аралык документтердин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ошондой эле ички иштер органдарынын ченемдик актарынын негизги бөлүктөрү киргизилген.

Бул жыйнак гендердик зомбулуктун алдын алуу боюнча атайын курсту өздөштүрүп жаткан ИИМдин Академиясынын курсанттары менен угуучулары, ички иштер органдарынын кызматкерлери жана бул чөйрөдө прокурорлук ишмердүүлүк менен алектенүүнү каалап жаткан прокуратура кызматкерлерине арналат, ошондой эле аялдарга карата гендердик зомбулук чөйрөсүндөгү мыйзамдар көйгөйлөрүнө кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсү үчүн дагы пайдалуу болот.

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети (Улутстатком), Саламаттыкты сактоо министрлиги [Кыргыз Республикасы] жана ICF International 2013. Кыргыз Республикасынын медициналык-демографиялык изилдөөсү 2012. Бишкек, Кыргыз Республикасы жана Calverton, Maryland, АКШ: Улутстатком, Саламаттыкты сактоо министрлиги жана ICF International.

# I бөлүм. АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МЫЙЗАМДАР

## АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган
БУУнун Башкы ассамблеясынын кабыл алынган чечим 217 А
*(Көчүрмө)*

*Расмий эмес котормо*

…
**16-берене**

1. Бойго жеткен эркектер жана аялдар расасы, улуту же дини боюнча эч кандай чектөөсүз никеге турууга жана үй-бүлө күтүүгө укуктуу. Алар никеге туруу, никеде болуу жана аны бузуу учурунда бирдей укуктардан пайдалана алышат.
2. Никеге туруп жаткан тараптар өз эрки менен ага өз ара толук макул болгондо гана нике кыйылат.
3. Үй-бүлө коомдун табигый жана негизги уюткусу болуп саналат жана коом менен мамлекет тарабынан корголууга укуктуу.

…

## АТУУЛДУК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ПАКТ

*Нью-Йорк шаары, 1966-жылдын 16-декабры*

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
1994-жылдын 12-январындагы N 1406-XII токтому менен кошулган

*(Көчүрмө)*

*Расмий эмес котормо*

…
**23-берене**

1. Үй-бүлө коомдун негизги жана табигый уячасы жана коом менен мамлекет тарабынан жардам алууга укугу бар.

2. Үйлөнүү жашына жеткен эркектерге жана аялдарга үйлөнүү укугу жана үй-бүлө куруу укугу берилет.

3. Үйлөнүп жаткандардын толук жана эркин макулдугу жок бир да үйлөнүүгө уруксат берилбейт.

4. Аталган Пактта катышкан мамлекеттер үйлөнүп жатканда, үй-бүлөдө жана ажырашуу убагында жубайлардын укук жана милдет теңдигин камсыз кылыш үчүн керектүү чараларды кабыл алышы керек. Үй-бүлө ажырашкан убакта бардык балдар жетиштүү жардам менен камсыз кылынышы керек.

…

## ЭКОНОМИКАЛЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ПАКТ

*Нью-Йорк шаары, 1966-жылдын 16-декабры*

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
1994-жылдын 12-январындагы N 1406-XII токтому менен кошулган

*(Көчүрмө)*

*Расмий эмес котормо*

…

**3-берене**

Аталган Пактта катышкан мамлекеттер бул Пактта каралган бардык экономикалык, социалдык жана маданий укуктарды аялдар менен эркектердин бирдей тең укукта пайдалануларын камсыздандырууга милдеттүү.

…

**10-берене**

Аталган Пактта катышкан мамлекеттер төмөнкү милдеттерди өз моюнуна алышат:

1. Үй-бүлө коомдун табигый жана негизги уячасы болуп саналат, ал мүмкүн болушунча эң кеңири коргоого алынып жана жардам берилиши керек, өзгөчө, мындай жардам жана коргоо үй-бүлө жаңы түзүлүп жаткан учурда жана ал бойго жете элек балдарды өстүрүү жана тарбиялоого жоопкерчиликтүү учурда берилиши керек. Нике никелешип жаткан эки адамдын эркин макулдуктарынын негизинде түзүлүшү керек.

2. Төрөткө чейин жана андан кийинки мезгил ичинде муктаж болгон энелер өзгөчө коргоого алынышы керек. Бул мезгилдин ичинде иштеген энелерге акы төлөнүүчү өргүү же социалдык жактан камсыздандыруу боюнча жетиштүү жөлөк пулдар берилүүсү керек.
3. Өзгөчө коргоо чаралары жана жардамдар үй-бүлөлүк абалы же башка белгилерине карата эч кандай басмырлоосуз бардык балдарга жана өспүрүмдөргө бирдей көрсөтүлүшү керек. Жаш балдар жана өспүрүмдөр экономикалык жана социалдык эксплуатациядан корголушу керек. Алардын эмгегин адеп-ахлагына, ден-соолугуна зыян келтире турган, же өмүрүнө коркунуч жараткан, нормалдуу өнүгүүгүсүнө тоскоол боло турган чөйрөдө колдонуу мыйзам аркылуу жазаланыш керек. Мындан тышкары, мамлекеттер, балдардын ишке жарамдуу жаш-курактык чегин аныктап берүүгө тийиш, эгерде жашы жете элек балдар акы төлөнүчү эмгеке тартылса, буга мыйзам чегинде тыюу салынат жана жазалоо чарасы каралган.

…

## АТУУЛДУК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ПАКТСЫНЫН ФАКУЛЬТАТИВДИК ПРОТОКОЛУ

*1966-жылдын 16-декабры*

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
1994-жылдын 12-январындагы N 1406-XII токтому менен кошулган
*(Көчүрмө)*

*Расмий эмес котормо*

…

**1-берене**

Бул Протоколдун катышуучусу болуп эсептелген, Пактка катышуучу мамлекет, өз юрисдикциясындагы жарандын бул Пактта көрсөтүлгөн укуктарынын бирөөсү, ошол эле катышуучу мамлекет тарабынан тебеленип жаткандыгынан улам жабырлануучу экендиги жөнүндө билдирүүсүн Комитеттин кабыл алуу жана карап чыгуу иш-билгилигин тааныйт. Эгер, билдирүү Пакттын катышуучу мамлекетине тиешелүү болсо, бирок ал бул Протоколдун катышуучусу болбосо бир дагы билдирүү кабыл алынбайт.

**2-берене**

1-берененин жоболорун сактоо шартына ылайык, Пактта көрсөтүлгөн укуктарынын кайсы-бирөөсү бузулду жана укуктук коргонуунун бардык ички каражаттары түгөндү деп эсептеген жарандар Комитеттин кароосуна жазуу түрүндө кайрыла алышат.

…

**5-берене**

1. Комитет жеке жарандардан жана кызыкдар катышуучу мамлекеттерден кабыл алынган бардык жазуу түрүндөгү билдирүүлөрдү бул Протоколго ылайык карап чыгат.

2. Комитет төмөнкүлөргө толук көзү жетмейинче, жеке жарандардан келип түшкөн бир дагы билдирүүнү карабайт:

*a*) ушул эле суроо, көйгөй эл аралык териштирүүнүн, же жөнгө салуунун башка процедурасына ылайык караштырылып жаткан жокпу;

*b*) бул жаран үчүн укуктук коргонуунун бардык ички жеткиликтүү каражаттары чын эле түгөндүбү;

Бул эреже мындай каражаттарды колдонуу олуттуу себептерсиз кечиктирилип жаткан учурда колдонулбайт.

3. Бул Протоколдун талабына ылайык келген билдирүүлөрдү карап жаткан учурда, Комитет жабык жыйындарды өткөрөт.

4. Комитет өз корутундусун тиешелүү катышуучу мамлекетке же жаранга кабарлайт …

…

## АЯЛДАРГА КАРАТА БАСМЫРЛООНУН БАРДЫК ТҮРЛӨРҮН ЖОК КЫЛУУ БОЮНЧА КОНВЕНЦИЯСЫ

1979-жылдын 18-декабры
Кыргыз Республикасынын токтому кошулган
МЖ Жогорку Кенеш 1996-жылы, 25-январь З №320-1 жана
ЭЖ Жогорку Кенеш 6-март, 1996- П №257-1
*(Көчүрмө)*

*Расмий эмес котормо*

…

**3-берене**

Катышуучу-мамлекеттер аялдар үчүн көп жактуу өнүгүүнү жана прогрессти камсыз кылуу үчүн бардык чөйрөлөрдө, тактап айтканда, саясий, социалдык, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө, анын ичинде мыйзамдык алкакта дагы тиешелүү чараларды көрүшөт, ошону менен катар эркектер менен тең укуктуулукка негизделген эркиндиктеринин негизинде адам укуктарын колдонууга жана жүзөгө ашырууга кепилдик берет.

…

**5-берене**

Катышуучу мамлекеттер төмөнкү максаттарда бардык тийиштүү чараларды кабыл алат:

а) күнүмдүк турмушта калыптанып калган тең укуксуздук абалдын жаралуусун шарттаган, бир жыныстын өкүлүн даңазалаган же эркектердин жана аялдардын ролу тууралуу стереотиптерге негизделген курулай талкуулоолорду, салттарды жоюу максатында аялдардын жана эркектердин жүрүм-турумунун социалдык жана маданий моделин өзгөртүү;

б) үй-бүлөлүк тарбия берүү, энеликтин социалдык кызмат экендиги жөнүндө туура түшүнүктү өзүнө камтуусун жана балдардын кызыкчылыгы баарынан бийик экендигин эске алуу менен, балдарды тарбиялоодо жана өстүрүүдө эркек менен аялдын бирдей жоопкерчиликтүүлүгүн моюнга алууну камсыз кылуу.

…

**16-берене**

1. Катышуучу мамлекеттер никелешүү жана үй-бүлөлүк мамилелерге байланыштуу бардык көйгөйлөр боюнча аялдарга карата басмырлоону жок кылуу үчүн тиешелүү чараларды көрөт, тактап айтканда, аялдар менен эркектердин тең укуктуулугунун негизинде камсыз кылат:

a) никеге туруудагы бирдей укуктар;

b) никеге турууда түгөйүн эркин тандоого жана өзүнүн жеке каалоосуна, толук макулдугуна болгон бирдей укуктар;

c) никелешүү жана аны жоюу учурундагы бирдей укуктар жана милдеттер;

d) үй-бүлөлүк абалына карабастан, аял менен эркектин ата-эне катары балдарынын алдындагы бирдей укуктары жана милдеттери; кандай гана болбосун баланын кызыкчылыгы баарынан бийик болуп саналат;

e) балдардын саны жана алардын төрөлүү аралыгын жоопкерчиликтүүлүктүн негизинде эркин чечүүдө, маалымат жана билимге ээ болуу, жана бул укуктарга ээ болууга шарттоочу каражаттарга болгон бирдей укуктар;

f) бала багуучу, баланы убактылуу асырап алуучунун укугу жана милдети улуттук мыйзамда көрсөтүлгөн. Бирок кайсы учурда болбосун, балдардын укуктары жана кызыкчылыктары үстөмдүк кылат;

g) аялы менен күйөөсүнүн жеке бирдей укуктары, анын ичинде фамилиясын, адистигин жана иштөө мүнөзүн тандоо укугу;

h) жубайлардын мүлккө акысыз жана акча төлөө түрүндө ээ болуу, сатып алуу башкаруу, колдонууга болгон бирдей укуктары;

2. Кудалашуу жана баланын никелешүүсү юридикалык күчкө ээ эмес жана никеге турууда белгилүү жаш-курагын аныктоо жана жарандык чогуу жашоодо никелешүүгө милдеттендирүү максатында мыйзамды камтуу менен бардык тиешелүү чаралар көрүлөт.

…

## №19 ЖАЛПЫ СУНУШТАМАЛАР
**(Он биринчи сессия, 1992-жыл)**[21]

*(Көчүрмө)*

*Расмий эмес котормо*

Аялдарга карата зомбулук

…

Көйгөйдүн тарыхы

1. Аялдарга болгон зордук-зомбулук басмырлоонун дагы бир түрү болуп саналат, аялдардын укуктарын жана эркиндиктерин эркектер менен тең, бирдей колдонуудагы мүмкүнчүлүктөрүн олуттуу түрдө чектейт.

2. 1989-жылы Комитет мамлекеттерге өздөрүнүн баяндамаларына зомбулукка жана ага көрүлө турган чаралар тууралуу тийиштүү маалыматтарды киргизүүнү сунуштаган, аталган маалыматтар аны менен күрөшүү максатына колдонуларын белгилешкен (12-жалпы сунуштама, сегизинчи сессия).

…

Жалпы эскертүүлөр

…

6. Аялдарга карата басмырлоонун аныктамасы Конвенциянын 1-беренесинде камтылган. Басмырлоонун бул аныктамасы аялдарга карата зомбулукту, тактап айтканда, аял – аял болгондугу үчүн ага карата жасалган зомбулук, же болбосо аялдарга абдан олуттуу зыян алып келе турган зомбулук болуп эсептелет. Бул өзүнө физикалык, психикалык же жыныстык мүнөздөгү зыянды, же азаптанууну алып келе турган аракеттерди, мындай аракеттердин болуу коркунучун, мажбурлоо жана эркиндигин чектөөнүн башка формаларын өзүнө камтыйт. Аялдарга карата зомбулук актылары Конвенциянын конкреттүү жоболорунун бузулушуна алып келет, ал бул жоболор зомбулук жөнүндө эки маанидеги эскертүүлөрдү камтыйбы жокпу мааниге ээ эмес.

7. Аялдарга карата зомбулук, Конвенциянын 1-беренесинин мааниси боюнча, эл аралык укуктун жалпы нормаларына, же адам укуктары жөнүндө конвенциянын жоболоруна ылайык, аялдардын өз укуктарынан жана негизги эркиндиктеринен колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарган, же болбосо кыйындаткан басмырлоо болуп эсептелет. Бул укуктар жана эркиндиктер төмөнкүлөрдү камтыйт:

a) жашоого болгон укук;
b) кыйноолорго, ур-токмоко албоого, кадыр-баркты адамдыктан ашынган же басмырлаган мамилеге жана жазалоого дуушар кылбоого болгон укук;

[21] A/47/38 документинде камтылган.

c) эл аралык же ички аскердик чыр-чатактардын мезгилинде гуманитардык нормаларга ылайык бирдей корголууга ээ болуу укугу;

d) жеке эркиндикке жана коопсуздукка ээ болуу укугу;

e) мыйзам тарабынан тең укуктуулукка, бирдей коргоого ээ болуу укугу;

f) үй-бүлөдө тең укуктуулукка ээ болуу укугу;

g) физикалык жана психикалык ден соолуктун эң жогорку жетишкен деңгээлине ээ болуу укугу;

h) адилетүү жана жагымдуу шартта эмгектенүүгө ээ болуу укугу.

…

8. Конвенция мамлекеттик органдар тарабынан жасалган зомбулук актылары үчүн дагы колдонулат. Мындай зомбулуктар бул Конвенцияны бузуу катары кабыл алынат, мындай зомбулуктар ошол мамлекеттин эл аралык укуктун жалпы нормаларына жана башка конвенцияларына ылайык аткара турган өзүнө тийиштүү милдеттеринин бузуусуна дагы алып келет.

…

12. Мындай мамилелер аялдарды жеке адам катары эмес, порнографияны чагылдыруунун жана жайылтуунун, ошондой эле сексуалдык каалоолорду канааттандыруунун, аялдарды коммерциялык эксплуатациялоонун субьектиси катары кароого жол ачат. Демек, бул аялдарга карата зомбулуктун себептеринин бири болуп саналат.

6-берене

13. 6-беренеде катышуучу мамлекеттерге аялдарды сатуунун жана аялдарды сойкулук кылуу үчүн эксплуатациялоонун бардык түрүн токтотуу үчүн тийиштүү чараларды көрүү сунушу берилген.

14. Жакырчылык жана жумушсуздук аялдарды сатуу мүмкүнчүлүгүнүн жайылышына алып келет. Аялдарды сатуунун учурда өкүм сүрүп жаткан формаларынан сырткары, аялдарды эксплуатациялоонун жаңы формалары бар, алар – секс туризм, өнүккөн өлкөлөрдө иштөө үчүн өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн үй-кызматчыларын жалдоо, ошондой эле өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү аялдар менен башка өлкөлөрдүн эркектеринин ортосундагы никелерди уюштуруу. Мындай көрүнүштөр аялдардын адам катары укуктарын жана ал укуктары менен ар-намысын сыйлоо принцибинин бузулушуна алып келүүдө. Бул аялдарды зомбулук жана кыянаттык менен пайдалануу мамилелеринин курмандыгына айланууга түртүп жатат.

15. Жакырчылык жана жумушсуздук көптөгөн аялдарды, анын ичинде жаштарды сойкулук менен алектенүүгө мажбур кылып жатат.

Сойкулар зомбулук көз карашынан алып караганда, өзгөчө аянычтуу абалда болушат, себеби алардын макамы мыйзамсыз, бул болсо эрежеге ылайык, алардын маргинализацияланышын шарттайт. Алар дагы башкалар сыяктуу эле зордуктоодон жана зомбулуктун башка формаларынан укуктук жактан бирдей деңгээлде коргоого алууга муктаж.

16. Согуштар, курал колдонулган карама-каршылыктар жана территорияны оккупациялоо көпчүлүк учурда сойкулуктун, аялдарды сатуунун жана аялдарга сексуалдык жактан кол салуунун өсүшүнө алып келет, демек бул коргоо жана жазалоо үчүн конкреттүү чаралардын көрүлүшүн талап кылат.

11-берене

17. Аялдар жумушу боюнча эркектерден көз каранды, баш ийүүчү абалда болгондугуна байланыштуу зомбулукка кабылган учурда, мисалы, жумуш ордунда сексуалдык кол салууга кабылганда ишке орноштуруу чөйрөсүндө тең укуктуулук принцибине олуттуу зыян келтирилет.

18. Сексуалдык кол салуу деген бул, көпчүлүк учурда сексуалдык жүрүм-турумга ыктаган жагымсыз кыймыл-аракеттер, ал физикалык жактан байланышуу жана кол салуу, сексуалдык маанидеги сөз ыргытуулар, порнографиялык материалдарды көрсөтүү жана мейли сөз жүзүндө болсун, же кыймыл-аракетинде болсун сексуалдык тартылуунун байкалышы. Мындай жүрүм-турум басынтуу катары кабыл алынат жана ден-соолук менен коопсуздукка коркунуч жаратат; ал төмөнкү учурларда басынтуучулук мүнөзгө ээ болот: анын каршы же наразы болуусу анын жумушунда жагымсыз абалга алып келе тургандыгы жөнүндө олуттуу негиздер болсо, анын ичинде сөз аны жумушка алуу, кызматынан жогорулоо жөнүндө болуп жаткан кырдаалдарда, же болбосо анын жумуш ордунда карама-каршылыктуу атмосферага алып келсе.

<u>14-берене</u>

21. Айыл жергесинде жашаган аялдар айылдардагы коомчулуктарда салттык-патриархалдык көз караштардын калыптанып калгандыгына байланыштуу эркектерге көз каранды абалда болуп, зомбулукка тез кабыла турган аярлуу мамилеге муктаж жарандар болуп саналышат. Айылдардагы жамааттардагы кыздарда зомбулуктун обьектиси болуп калуу жана аялзаты болуп калгандыгы үчүн эксплуатацияга кабылып калуу коркунучу өтө чоң, анкени алар жумуш издеп айылды таштап шаарларды көздөй бет алышат.

<u>16-берене (жана 5-берене)</u>

22. Мажбурлоо жолу менен стерилизация кылуу жана бойдон алдыруу аялдардын психикалык жана физикалык ден-соолугуна терс таасирин тийгизет, аялдардын балдардын саны жана алардын ортосундагы төрөлүү убактысы жөнүндө чечим кабыл алуу укуктарын тебелөө болуп саналат.

23. Үй-бүлөлүк зомбулук аялдарга карата зомбулуктун эң көбүрөөк зыяндуу формаларынын бири болуп саналат. Ал коомдун бардык катмарында бар. Үй-бүлөнүн алкагында бардык жаш-курактагы аялдар зомбулуктун ар кыл түрлөрүнө кабылышат, аларга салттык мамилелерден улам калыптанып калган сабоо, уруп-согуу, зордуктоо, сексуалдык кол салуунун башка формалары, психологиялык зомбулук жана зомбулуктун башка формалары кирет. Экономикалык көз карандысыздыктын жоктугу көптөгөн аялдарды зомбулукка негизделген мамилелерге чыдоого мажбур кылат. Эркектердин өздөрүнүн үй-бүлөлүк милдеттерин аткаруудан баш тартуусу зомбулуктун, же мажбурлоонун формаларынын бири катары кабыл алынат. Зомбулуктун бул түрлөрү аялдардын ден-соолугун коркунучка алып келет жана алардын үй-бүлөнүн жана коомдун жашоосунда тең укуктуу катышуу мүмкүнчүлүктөрүн азайтат.

<u>Конкреттүү сунуштамалар</u>

24. Жогорку эскертүүлөрдү көңүлгө алуу менен, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу боюнча Комитет сунуштайт:

а) катышуучу мамлекеттер аялдарга карата жасалган зомбулуктун бардык түрүн жок кылуу максатында мейли мамлекеттик органдар тарабынан болсун, же мейли жеке адамдар тарабынан болсун эң зарыл жана натыйжалуу чараларды көрүшсүн;

b) катышуучу мамлекеттер үй-бүлөдөгү зомбулукка жана кыянаттык менен мамиле кылууга каршы, зордуктоого, жыныстык зомбулукка жана аялдарга карата зомбулуктун башка түрлөрүнө каршы багытталган мыйзамдар менен камсыз кылышсын, бардык аялдарды жана алардын ар-намысы менен кадыр-баркын ишенимдүү коргоону кепилдикке алышсын. Мындай зомбулуктардын жабырлануучуларын коргоо жана аларга колдоо көрсөтүү боюнча тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүү болушун камсыз кылуусу зарыл. Конвенцияны натыйжалуу сактоонун зарыл шарты аялдардын абалдарына байланыштуу татаал көйгөйлөрдү чечүүгө басым жасаган сот жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерин, ошондой эле башка мамлекеттик кызматкерлерди даярдоо болуп саналат;

c) катышуучу мамлекеттер зомбулуктун себептери жана зыяндары, анын масштабына тиешелүү изилдөөлөрдү жүргүзүү жөнүндө, ошондой эле зомбулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүүнүн натыйжалуу чаралары жөнүндө статистикалык көрсөткүчтөрдү чогултуу тажрыйбаларын жайылтуусу зарыл;

d) массалык маалымат каражаттары аялдарга сыйлоо-урматтоо менен мамиле кылуусун, массалык маалымат каражаттары аялдарга карата сыйлоо-урматтоо мамилелерин жайылтууларын камсыз кылуу үчүн натыйжалуу чараларды көрүшсүн;

e) катышуучу мамлекеттер өз докладдарына аялдарга карата зомбулукту көнүмүшкө айландырган адаттар менен тажрыйбалардын, ыкмалардын жайылуу деңгээлинин мүнөзү жөнүндө, ошондой эле жасалып жаткан зомбулуктун түрлөрү жөнүндө маалыматтарды өз докладдарына киргизишсин. Мамлекеттер өздөрү тарабынан зомбулуктун тамырын кыркуу максатында көрүлгөн чаралар жөнүндө, көрүлгөн чаралардын жыйынтыктары жөнүндө докладдарын сунушташсын;

f) мындай мамилелерди жана тажрыйбаларды четтетүү үчүн натыйжалуу чараларды кабыл алуу. Мамлекеттер тарбия берүү жана коомдук маалымат чөйрөсүндө аялдардын тең укуктуулуктарын камсыз кылууга тоскоол болуучу көз караштарды жок кылууга жардам бере турган программаларды ишке ашырышсын (№3-сунуштама, 1987-жыл);

g) аялдарды сатуунун жана жыныстык жактан эксплуатациялоонун тамырын кыркуу максатында күнөөлүүлөрдү жазалоо боюнча конкреттүү превентивдик чараларды көрүшсүн;

h) катышуучу мамлекеттер өз докладдарына бул бардык көйгөйлөрдүн жана чаралардын масштабы жөнүндө, анын ичинде кылмыш жана жаза мыйзамы, аял болуп жаралып калганы үчүн сойкулук, же адам сатуунун, эксплуатациянын башка формаларынын обьекттерине айланган аялдарды коргоо үчүн колдонулуучу реабилитациялык жана превентивдик чаралар жөнүндө маалыматтарды өз докладдарына киргизишсин; Мындай чаралардын натыйжалуулугу жөнүндө дагы маалымат берүүсү зарыл;

i) укуктук коргонуу жана даттануу, анын ичинде компенсация төлөп берүү процедуралары менен камсыз кылышсын;

j) катышуучу мамлекеттер өз докладдарына сексуалдык кол салуудан, ошондой эле, аялдарды мындай кол салуулардан, зомбулуктун башка формаларынан жана жумуш ордунан мажбурлоодон коргоого багытталган чаралар жөнүндө маалыматтарды камтышсын;

k) катышуучу мамлекеттер аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун, зордуктоонун, сексуалдык кол салуунун жана зомбулуктун башка формаларынын жабырлануучуларына жардам бере турган кызматтарды, анын ичинде баш калкалоочу жайларды, атайын даярдалган медицина кызматкерлеринин топторун, реабилитациялоочу жана кеңеш берүүчү кызматтарды түзүшсүн же аларга колдоо көрсөтүшсүн;

l) катышуучу мамлекеттер мындай көрүнүштөрдүн тамырын кыркуу боюнча чараларды көрүшсүн жана саламаттыкты сактоо көйгөйлөрү боюнча маалыматтарды берүүдө аялдарды олтургузууга (№4 сунуштамалар) тиешелүү Комитеттин сунуштамаларын эске алышсын;

m) катышуучу мамлекеттер тукумсуздук жана балдарды төрөөдө мажбурлоого жол бербөө максатында чараларды көрүшсүн жана ал чаралардын колдонулушун камсыз кылышсын, ошондой эле бул себептен улам аялдардын коопсуздукка алынбаган медициналык процедураларга кайрылууларына мажбур болуу кырдаалдарынын алдын алсын, мисалы, балдарды төрөөнү көзөмөлгө алуу боюнча тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдүн жок болгондугунан улам мыйзамсыз бойдон алдырууга мажбур болуунун;

n) катышуучу мамлекеттер бул көйгөйлөрдүн масштабы жөнүндө, ошондой эле кабыл алынган чаралар жана алардын жыйынтыктары жөнүндө өз докладдарына маалыматтарды киргизишсин;

o) катышуучу мамлекеттер зомбулуктун жабырлануучуларына жардам көрсөтүү кызматтары айыл жергелеринде жашаган жеткиликтүү болушун, мындай жардамдарга муктаж, алыс жактагы коомчулуктарга өзгөчө кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун камсыз кылышсын;

p) аларды зомбулуктан коргоо боюнча чараларды, мисалы бир кесипке даярдоо жана ишке орноштуруу иштерин жүзөгө ашырышсын, үй-кызматкери катары иштеген аялдардын иштөө шарттарына көзөмөл жүргүзүүнү камтысын;

q) катышуучу мамлекеттер айылдык райондордо жашаган аялдар туш болгон коркунучтар, аларга жасалган зомбулуктун, кыянат мамилелердин масштабы жана мүнөзү жөнүндө, алар кандай колдоого жана кандай башка кызмат көрсөтүүлөргө муктаж, ал кызматтардын жеткиликтүүлүгү жөнүндө, ошондой эле зомбулуктун тамырын кыркуу боюнча көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугу жөнүндө маалыматтарды беришсин;

r) үй-бүлөдөгү зомбулуктун тамырын кыркуу үчүн зарыл чаралардын саны киргизилсин;

i) үй-бүлөлүк зомбулук болгондо, зарылчылыкка жараша коргонуунун кылмыш-жаза чаралары жана жарандык-укуктук каражаттар колдонулсун;

ii) аялга зомбулук кылган, же анын өлтүрүлүшүнө себепкер болгон үй-бүлө мүчөсүн актоо үчүн ар-намысын коргоону шылтоо кылган булактарды колдонууга жол бербеген мыйзамдарды кабыл алышсын;

iii) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун коопсуздугун камсыз кылуу максатында кызматтарды көрсөтүшсүн, ага – баш калкалоочу жайларга жайгаштыруу, кеңеш берүү жана реабилитациялык программаларды ишке ашыруу кирет;

iv) үй-бүлөдө зомбулук актыларын жасаган жаранды кайрадан тарбиялоо программаларын ишке ашырышсын;

v) кан аралашкан же жыныстык зомбулук болгон үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүүчү кызматтарды түзүшсүн;

s) катышуучу мамлекеттер үй-бүлөлүк зомбулуктун жана жыныстык зомбулуктун масштабы жөнүндө, ошондой эле бул жаатта көрүлгөн превентивдик чаралар, күнөөлүүлөрдү жазалоо жана укуктук коргоону камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат беришсин;

t) катышуучу мамлекеттер аялдарга аял болгондугу үчүн жасалган зомбулуктан натыйжалуу коргоону камсыз кылуу үчүн укуктук жана башка мүнөздөгү бардык зарыл чараларды көрүшсүн;

i) аялдарды зомбулуктун бардык түрлөрүнөн, анын ичинде үй-бүлөдөгү зомбулук жана кыянат мамиле, жумуш ордундагы сексуалдык кол салуу жана сексуалдык асылуудан сактоо максатында компенсацияларды төлөп берүүнү караштырган жана коргоонун жарандык-укуктук каражаттарын, кылмыш-жаза чараларын, укуктук мүнөздөгү натыйжалуу чараларды колдонушсун;

ii) аялдар менен эркектердин ролуна жана макамына карата мамилелерди өзгөртүү үчүн тарбиялоо жана коомдук маалымат чөйрөсүндө превентивдик чараларды көрүшсүн, аны менен чогуу программаларды кабыл алышсын;

iii) зомбулуктун жабырлануучулары болгон же зомбулук болуу коркунучуна кабылган аялдарга коргоону камсыз кылуу чараларын көрүшсүн, ага – баш калкалоочу жайларды түзүү, кеңеш берүү, колдоо көрсөтүү кызматтары жана реабилитациялоо менен камсыз кылуу кирет;

u) катышуучу мамлекеттер аялдарга карата жасалган зомбулуктун бардык формалары жөнүндө маалымат беришсин жана өз докладдарына зомбулуктун ар бир формасынын

жайылуу деңгээли жана бул зомбулуктан жабыр тарткан аялдар үчүн келтирген зыяндары жөнүндө бардык маалыматтарды беришсин;

v) катышуучу мамлекеттер өз докладдарына аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу максатында кабыл алынган коргоо чаралары менен камсыз кылуу жөнүндө маалыматтарды, укуктук мүнөздөгү чаралар, превентивдик чаралар жөнүндө маалыматтарды киргизишсин.

…

## № 19 ЖАЛПЫ СУНУШТАМАЛАРДЫ ЖАҢЫЛООГО АРНАЛГАН АЯЛДАРГА КАРАТА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ЖӨНҮНДӨ № 35 ЖАЛПЫ СУНУШТАМА

14-июль, 2017-жыл

*(үзүндү)*

*Расмий эмес котормо*

…

8. Бул жалпы сунуштама №19 сунуштамада катышуучу мамлекеттер үчүн баяндалган жетектөөчү көрсөтмөлөрдү толуктайт жана жаңылайт, жана бул эки сунуштаманы бириктирип кароо керек.

9. №19 жалпы сунуштамада жана башка эл аралык келишимдер менен документтерде «аялдарга карата зомбулук» түшүнүгүнө берилген аныктамада жыныстык айырмачылыгы боюнча жасалган зомбулук жөнүндө сөз болуп жаткандыгы баса белгиленет. Мына ошондуктан, бул сунуштамада «аялдарга карата зомбулук» аныктамасы тагыраак термин катары колдонулат, анда мындай зомбулуктун гендердик себептери жана зыяндары так көрсөтүлгөн. Бул термин ошондой эле, зомбулук – бул жеке эмес, коомдук көйгөй экендигин жана аны чечүү конкреттүү окуяларга, айрым бир укук бузуучуларга жана зомбулукка кабылган жарандар же зомбулуктун жабырлануучулары менен байланыштуу гана чараларды кабыл албастан, комплекстүү чараларды кабыл алууну талап кыла тургандыгын бекемдейт.

…

16. Айрым кырдаалдарда аялдарга карата гендердик зомбулук, кыйноолор же орой, аёсуз, адамкерчиликсиз, кадыр-баркты басынткан мамилелер, күнүмдүк тиричиликтик зомбулук же зыяндуу салттар менен адаттар бирдей деңгээлде каралат. Кээ бир учурларда, аялдарга карата жасалган гендердик зомбулуктун айрым формалары эл аралык кылмыш катары бааланышы мүмкүн.

…

18. Аялдардын сексуалдык жана репродуктивдик ден соолуктарына кол салуу жана аларга тиешелүү укуктарды бузуу, мисалы, күчкө салуу менен мажбурлап стерилизациялоо, бойдон алдырууга мажбурлоо, күтүүсүз кош бойлуулук, бойдон алдырууну криминализациялоо, кош бойлуулукту токтотуу жана\же бойдон алдыргандан кийин багуу, кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу же мындай кызмат көрсөтүүлөрдү кечиктирүү, кош бойлуулукту улантууга мажбур кылуу, ошондой эле аялдарды жана кыздарды шылдыңдоо жана аларга жаман мамиле жасоо, эгер алар сексуалдык жана репродуктивдик ден соолукка байланыштуу товарлар менен кызмат көрсөтүүлөр жаатындагы маалыматтарга кызыгып жатышса, мунун баардыгы гендердик зомбулуктун формаларына кирет, ал тургай кылмыш жасалган жагдайга жараша, кыйноолорго же аёосуз, орой, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелер катары каралышы мүмкүн.

19. Комитеттин пикир боюнча, аялдарга карата гендердик зомбулуктун себептери, эркектердин аялдардын үстүнөн башкаруусу жана артыкчылыктуу абалы сыяктуу гендердик факторлордо жатат, ага эр жүрөктүүлүктү жар салуу, эркектердин көзөмөлдөөгө же бийлик жүргүзүүнү ишке ашырууга муктаждыктары, аялдардын гендердик ролдорду сактоону

камсыз кылуу жүрүм-турумдарын терс көрүнүш катары токтотууга, кармоого же жазалоого аракет кылуулары кирет. Бул факторлор ошондой эле, коом аялдарга карата гендердик зомбулукту түз же кыйыр түрдө, аны аялдардын жеке иши катары кабыл алуусуна түрткү берет, ушуга байланыштуу мындай зомбулук көпчүлүк учурда жазасыз калат.

20. Аялдарга карата гендердик зомбулук адамдардын өз ара таасир этүү чөйрөлөрүнөн жана ордунан көз карандысыз түрдө бардык жерде, ал коомдо дагы, үй-бүлөдө дагы, ошондой эле үй-бүлөдө, коомдо, коомдук жайларда, жумушта, эс алуу учурунда, саясатта, спортто, саламаттыкты сактоодо жана окуу жайларында, ал тургай коомдук жана жеке өз ара кызматташуунун технологиянын жардамы менен жөнгө салына турган жаңы контексинде орун алууда (мисалы, зомбулуктун жаңы формалары интернетте жана санариптик чөйрөнүн башка түрлөрүндө). Аялдарга карата гендердик зомбулуктун бардык көрүнүштөрү мамлекеттик, же мамлекеттердин ичинде ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп жаткан мамлекеттик эмес субьекттердин, ошондой эле мамлекеттер тарабынан жеке, же эл аралык жана өкмөттөр аралык уюмдардын, же коалициялардын курамында ишке ашырылып жаткан мурунку аймактык аскер аракеттеринин, жеке корпорациялардын мурунку аймактык ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыгы болушу мүмкүн.

…

29. Комитет катышуучу мамлекеттерге мыйзамдын деңгээлинде төмөнкү чараларды көрүүнү сунуштайт:

а) бардык чөйрөлөрдө аялдардын тулку бойлук, сексуалдык же психологиялык ден соолуктарына зыян алып келген, аялдарга каршы жасалган гендердик зомбулуктун бардык формаларына жазык кылмышы макамы берилишин камсыз кылуу, жана жасалган укук бузуулардын оордугуна карап, ага тиешелүү укуктук санкцияларды, ошондой эле коргоонун жарандык-укуктук каражаттарын кечиктирбестен ыкчам түрдө киргизүү же катаалдаштырууну.

…

30. Комитет катышуучу мамлекеттерге төмөнкү превентивдик чараларды көрүүнү сунуштайт:

а) аялдарга карата жасалган гендердик зомбулуктун тамырлашкан түпкү себептерин, анын ичинде патриархалдык көз караштарды жана стереотиптерди, үй-бүлөдөгү тең укуксуздукту жана аялдардын жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий укуктарына кайдыгер мамиле жасоону, же алардын бул укуктарынан баш тартуу көрүнүштөрүн жок кылып, жоюу үчүн натыйжалуу мыйзамдык жана бардык тиешелүү превентивдик чараларды кабыл алууну жана ишке ашырууну, ошондой эле аялдардын укуктарынын жана эркиндиктерин жана алардын добуш берүү, өз оюн эркин билдирүү укуктарын кеңейтүүгө жардам берүүнү.

…

31. Комитет катышуучу мамлекеттерге коргоонун төмөнкү чараларын көрүүнү сунуштайт:

а) гендердик зомбулукка байланыштуу иштер боюнча доогер аялдарды, күбөлөрдү соттук териштирүүлөрдүн учурунда жана андан кийин коргоо алууну жана аларга колдоо көрсөтүүнүн натыйжалуу чараларын кабыл алууну жана ишке ашырууну.

…

32. Комитет аялдарга карата жасалган гендердик зомбулук акттары үчүн айыпкерлерди жазалоо жана соттук териштирүү иштери боюнча төмөнкү чараларды көрүүнү сунуштайт:

а) аялдарга карата жасалган гендердик зомбулуктун бардык учурларында, жабырлануучулар үчүн сот акыйкаттыгы системасынын жана трибуналдардын реалдуу түрдө жеткиликтүү болушун, ошондой эле бийликтин аларга тиешелүү деңгээлде көңүл

буруусун камсыз кылууну, жана да зарылчылыкка жараша шектелип жаткан айыпкерлерди акыйкаттык, калыстык, бекитиле турган тиешелүү жазаны өз убагында жана ыкчам түрдө кабыл алуу принциптеринин негизинде сот жоопкерчилигине тартуу максатында ex officio иликтөөсүн колдонууну, муну менен катар эле курмандыктар\жабырлануучулар соттук төлөмдөрдөн жана пошлиналарды төлөөдөн бошотулушу керек.

…

33. Комитет катышуучу мамлекеттерге келтирилген зыяндарды калыбына келтирүү боюнча төмөнкү чараларды көрүүнү сунуштайт:

а) аялдарга карата жасалган гендердик зомбулуктун жабырлануучуларына жана мындай зомбулуктун жыйынтыгында жабыр тарткандарга келтирилген зыяндарды калыбына келтирип берүүнү реалдуу түрдө ишке ашырууну. Зыяндарды калыбына келтирүү акчалай компенсацияларды төлөп берүү, юридикалык, социалдык жана медициналык-санитардык кызматтарды көрсөтүү, ошондой эле жабырлануучулардын\жабыр тарткандардын … толук кандуу айыгууларына жетишүү үчүн сексуалдык, репродуктивдик жана психикалык ден-соолуктары чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу ар түрдүү чараларды өзүнө камтуусу керек. Мындай репарациялар адекваттуу, ыкчам, баардыгын ар тараптуу камтыган жана келтирилген зыяндын оордугунун баардыгын калыбына келтиргендей өлчөмдө болушу керек;

…

34. Комитет катышуучу мамлекеттерге аялдарга карата гендердик зомбулук акттарына байланыштуу көрсөткүчтөрдү көзөмөлдөө жана чогултуу ишмердүүлүгүн жетектөөгө байланыштуу төмөнкү чараларды көрүүнү сунуштайт:

а) бардык мыйзамдык нормаларды, стратегияларды жана программаларды, жарандык коом уюмдары, тактап айтканда, аялдар уюмдары менен биргеликте, анын ичинде басмырлоонун бир нече формаларына бир эле учурда кабылган аялдардын укуктарын коргогон аялдар уюмдары менен биргеликте иштеп чыгууну жана талдоого алууну. Катышуучу мамлекеттер мындай уюмдардын пикирлерин жана тажрыйбаларын эске алуу менен, зомбулуктун бул түрлөрүнүн жыйынтыгында жабыр тарткан аялдар менен дагы жана аялдарга карата гендердик зомбулуктун жабырлануучуларын коргоо, колдоо көрсөтүү ишмердүүлүгү менен алектенген уюмдар менен дагы өз ара аракеттенишүүнү, кызматташууну сот акыйкаттыгы системасынын бардык секторлорунда жана бардык деңгээлдеринде жайылтуулары керек. Катышуучу мамлекеттер укук коргоо уюмдарынын жана аялдардын мамлекеттик эмес уюмдарынын ишмердүүлүктөрүн кеңейтүүлөрү, алардын ишмердүүлүктөрүнө жол ачуулары зарыл.

## ПЕКИН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

Аялдардын абалы боюнча Бүткүл дүйнөлүк төртүнчү конференцияда кабыл алынган.

Пекин, 4–15-сентябрь 1995-жыл

(Декларациядан алынган)

*(Көчүрмө)*

*Расмий эмес котормо*

…

14. Аялдардын укугу адамдын укугу болуп эсептелет;

15. Тең укуктуулук, мүмкүнчүлүк жана ресустардын жеткиликтүүлүгү, эркектер менен аялдардын ортосундагы үй-бүлөлүк милдеттердин тең бөлүнүшү жана алардын ортосундагы

өз ара өнөктөштүк, алардын жыргалчылыгы жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жыргалчылыгы жана демократияны бекемдөө үчүн чечүүчү мааниге ээ.

…

29. Аялдарга жана кыздарга болгон зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүн жок кылуу жана алдын-алуу.

…

## 2030-ЖЫЛДАРГА ЧЕЙИН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ БОЮНЧА КҮН ТАРТИБИ

Башкы Ассамблея тарабынан 2015-жылдын 25-сентябрында кабыл алынган

*Расмий эмес котормо*

**Биздин көз караш**

…

7. Бул максаттар менен милдеттер биздин келечекти кайра түзүүгө багытталган жана эң жогорку деңгээлдеги амбициялуу көз караштарыбызды аныктайт. Бизге жакырчылыктан, ачкачылыктан, оорулардан жана муктаждыктардан эркин, бардык тирүү жандыктар ырахаттануу менен жагымдуу өмүр сүргөн дүйнө көрүнүп турат. Биз коркунучтан жана зомбулуктан эркин дүйнөнү көрүүдөбүз.

…

8. Биз адам укуктарын жана адамдын кадыр-баркын, укукту, акыйкаттыкты, тең укуктуулукту жана басмырлабаган мамилелерди туу туткан, расалык, этникалык жана маданий ар түрдүүлүктү камсыз кылган дүйнөнү көрүүдөбүз; ал адамдын потенциалынын толук кандуу ачылышына жана жалпы бирдей чогуу гүлдөп өсүүгө жол ачкан бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн дүйнөсү. Инвестицияларды өз балдарына арнаган жана ар бир бала зомбулук жана басмырлоо деген эмне экендигин билбей өсүүсүн ишке ашырган дүйнө.

…

**Жаңы күн тартиби**

…

20. Гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу жана аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү бардык максаттарды жана милдеттерди илгерилетүүгө чечүүчү салымын кошот. Эгер, адамзатынын жарымы мурдакыдай эле өз укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратылган болсо, адамзатынын потенциалын толук кандуу ачуу жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу мүмкүн эмес. Аялдар жана кыздар үчүн сапатуу билим алуу, экономикалык ресурстар жана саясий жашоого катышуу мүмкүнчүлүгү бирдей деңгээлде жеткиликтүү болушу керек, ошондой эле ишке орношуу, лидер катары жарыш сөзгө чыгуу жана бардык деңгээлдердеги чечимдердин кабыл алынышына катышуу планында эркектер жана жаш балдар менен бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болуулары зарыл. Биз, глобалдык, аймактык жана улуттук деңгээлдерде гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү камсыз кылуу көйгөйлөрү менен иш алып барган институттарга колдоо көрсөтүүнү күчөтүү жана гендердик боштукту жоюу максатында, инвестицияларды абдан маанилүү деңгээлде көбөйтүүгө жетишебиз. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун, анын ичинде

эркектердин жана жаш балдардын катышуусундагы зомбулуктун бардык формалары жок кылынат. Күн тартиби гендердик аспекттерди системалык түрдө каттоого алып турат.

…

**5-максат. Гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу жана бардык аялдар менен кыздардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү**

5.1 Бардык аялдарга жана кыздарга карата басмырлоонун бардык түрүн биргелешип жок кылуу.

5.2 Бардык аялдарга жана кыздарга карата жасалган коомдук жана жеке чөйрөлөрдөгү зомбулуктун бардык формаларын, анын ичинде адам сатууну жана сексуалдык, эксплуатациялоонун башка формаларын жок кылуу.

5.3 Балдар, өспүрүм курагындагы эрте жана мажбурлоочу никелер, ошондой эле аялдардын жыныстык органдарына талкалоочу операцияларды жасоо сыяктуу зыяндуу тажрыйбалардын бардык түрлөрүн жок кылуу.

5.4 Улуттук өзгөчөлүктөр эске алынган үй-бүлөлүк чарбачылыкты жүргүзүүдө жалпы жоопкерчилик принцибин жайылтуу жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү, инфраструктураларды, социалдык жактан коргоо системасын сунуш кылуу аркылуу үй-чарбачылыгын жүргүзүү жумуштары менен багуу жаатындагы акы төлөнбөгөн эмгекти таануу жана баалоо.

5.5 Коомдун саясий, экономикалык жана коомдук жашоосундагы чечим кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде лидерлик кылууга, аялдардын ар тараптуу жана реалдуу катышуусу үчүн бардык тең укуктуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу.

5.6 Сексуалдык жана репродуктивдик ден-соолукту коргоо чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөргө жана калкты жайгаштыруу жана өнүктүрүү боюнча Эл аралык конференциянын Аракет программасына, Пекин аракеттердин платформасына жана алардын аткарылышынын жүрүшүн кароо боюнча конференциялардын жыйынтыктоочу документтерине ылайык, репродуктивдик укуктарды ишке ашыруунун жалпы баардыгы үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

5. Аялдар үчүн экономикалык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле улуттук мыйзамдарга ылайык, табигый ресурстарга, мураскерлик мүлктөргө, каржылык кызмат көрсөтүүлөргө, жеке менчиктин башка формаларына жана жерлерге ээ болуу менен аны бөлүштүрүү укугуна ээ болууну жеткиликтүү кылуу максатында реформаларды жүргүзүү.

5.b Аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө таасир этүү үчүн жогорку натыйжалуу технологияларды, тактап айтканда, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды активдүү колдонуу.

5.c Бардык аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн бардык деңгээлдерде кеңейтүү, гендердик тең укуктуулукту жайылтуу максатында мыйзамдарды сактоо үчүн милдетүү түрдөгү жана орундуу стратегияларды кабыл алуу жана ишке ашыруу.

# II бөлүм. АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ КРнын УЛУТТУК МЫЙЗАМДАРЫ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

*(КР 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди)*

*(КР 2016-жылдын 28-декабрындагы N 218 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*(Расмий текст 2016-жылдын 11-декабрында референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) киргизилген өзгөртүүлөрдү жана мамлекеттик жана расмий тилдердеги тексттериндеги карама-каршылыктарды жоюуну эске алуу менен берилди)*

*(Көчүрмө)*

…

**16-берене.**

Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес.

Эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кайсы социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталып, мыйзамда белгиленген атайын чаралар кодулоо деп эсептелбейт.

4. Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

…

**31-берене.**

4. Улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат.

…

**36-берене.**

5. Үй-бүлө мыйзамда белгиленген нике курагына жеткен эркек менен аялдын ыктыярдуу никеге туруусунун негизинде түзүлөт. Никелешип жаткан эки адамдын макулдугусуз никеге жол берилбейт. Нике мамлекет тарабынан катталат.

Жубайлар никеде жана үй-бүлөдө тең укуктарга жана милдеттерге ээ.

...

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИ

*Бишкек шаары, 1997-жылдын 1-октябры N 68*

*(Көчүрмө)*

…

### 18-Бөлүм
### Инсандын жыныстык кол тийгистигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар

**129-берене. Зордуктоо**

(1) Зордуктоо, башкача айтканда жабырлануучуга же башка адамдарга психикалык жана кара күч зомбулугун көрсөтүү, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу менен, ошого тете жабырлануучунун алсыз абалынан пайдалануу менен жабырлануучунун каалоосуна жана эркине каршы жыныстык катнашта болгондо, -

беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Зордуктоо:

1) ушул бөлүмдүн беренелеринде каралган кылмыштар үчүн мурда соттолгон адам тарабынан жасалганда;

2) адамдардын тобу тарабынан жасалганда;

3) алдын-ала макулдашуу боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалганда;

4) өлтүрөм деп же саламаттыгына оор залал келтирем деп коркутуу менен коштолгондо, ошондой эле жабырлануучуга же башка адамдарга карата өзгөчө ырайымсыздык менен жасалганда;

5) жабырлануучуга жыныстык ооруну жуктурууга алып келгенде, -

сегиз жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Зордуктоо:

1) жашы жете электерге карата жасалганда;

2) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим берүү, тарбиялоо, дарылоо же болбосо башка мекеменин мугалими же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

3) уюшкан кылмыштуу топтун (шериктиктин) мүчөсү тарабынан жасалганда;

4) жабырлануучуга ВИЧ-жугуштуу ооруну жуктурууга же башка оор кесепеттерге алып келгенде;

5) жабырлануучунун өлүмүнө алып келгенде, -

он беш жылдан жыйырма жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(4) Ошол эле аракеттер жаш балдарга карата жасалганда, -

жыйырма жылга эркиндигинен ажыратууга же өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Ушул берененин үчүнчү бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган башка оор кесепеттер деп: жабырлануучунун өзүн-өзү өлтүрүшүн же өзүн-өзү өлтүрүүгө кол салуу, анын психикасынын бузулушун, күнөөлүү адам тарабынан жабырлануучунун ден соолугуна ар кандай түрдөгү оор залал келтирүүнү (жасалган зордуктоонун натыйжасында боюнда болуп калууну, жатындын тышына боюна бүтүп калууну, боюнан түшүүнү, бала төрөө мүмкүнчүлүгүн жоготууну, жыныстык катышуу мүмкүнчүлүгүн жоготууну же бала төрөөнү), анын ичинде залал келтирүү учурундагы өмүргө коркунуч келтирген аракеттерди түшүнүү керек.

Он сегиз жашка толо элек адам жашы жете элек болуп эсептелет. Ал эми он төрт жашка толо элек жаш бала болуп эсептелет.

*(КР 2013-жылдын 9-июлундагы N 126 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**130-берене. Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер**

(1) Жабырлануучуга (жабырлануучу аялга) же башка адамдарга зомбулук көрсөтүү же зомбулук көрсөтөм деп коркутуу же болбосо жабырлануучунун (жабырлануучу аялдын) алсыз абалынан пайдалануу менен бачабаздык, лесбиянчылык же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер жасалганда, -

беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Ошол эле жосундар:

1) ушул бөлүмдүн беренелеринде каралган сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди мурда жасаган адам тарабынан жасалганда;

2) адамдардын тобу тарабынан;

3) алдын-ала макулдашуу боюнча адамдардын тобу тарабынан;

4) өлтүрөм деп коркутуу же саламаттыгына оор залал келтирүү менен коштолгондо, ошондой эле жабырлануучуга (жабырлануучу аялга) же башка адамдарга карата өзгөчө катаалдык менен жасалганда;

5) жабырлануучуга (жабырлануучу аялга) жыныстык ооруну жуктурууга алып келгенде;

*6) (КР 2013-жылдын 9-июлундагы N 126 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

(3) Ушул берененин биринчи жана экинчи бөлүктөрүндө каралган жосундар, эгерде алар:

1) жашы жете элек адамга карата жасалса;

2) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим, тарбия берүү, дарылоо же башка мекеменин педагогу же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

3) уюшкан кылмыштуу топтун (шериктиктин) мүчөсү тарабынан жасалганда;

4) байкабастыктан жабырлануучунун (жабырлануучу аялдын) саламаттыгына оор залал келтирүүгө, ага (ал аялга) ВИЧ-жугуштуу ооруну жуктурууга же башка оор кесепеттерге алып келсе;

5) жабырлануучунун (жабырлануучу аялдын) өлүмүнө алып келсе, -

он беш жылдан жыйырма жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(4) Ошол эле жосундар жаш адамга карата жасалганда, -

жыйырма жылга эркиндигинен ажыратууга же өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

*(КР 2003-жылдын 24-августундагы N 199, 2007-жылдын 25-июнундагы N 91, 2013-жылдын 9-июлундагы N 126 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**131-берене. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо**

(1) Шантаж, жок кылам, зыянга учуратам же мүлкүңдү алып коем деп коркутуу же жабырлануучунун (жабырлануучу аялдын) материалдык же башка жагынан көз карандылыгынан пайдалануу менен адамды жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбиянчылыкка же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоого мажбурлаганда, -

эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Ушул берененин биринчи бөлүгүндө каралган жосундар:

1) жашы жете элек адамга карата жасалса;

2) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим, тарбия берүү, дарылоо же башка мекеменин мугалими же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

үч жылга чейин окутуучулук же башка иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Ошол эле жосундар жаш адамга карата жасалганда, -

үч жылга чейин мугалимдик иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан сегиз жылга чейин эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

*(КР 2013-жылдын 9-июлундагы N 126 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**132-берене. Он алты жашка толо элек адам менен жыныстык катнашта болуу жана сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоо**

Он алты жашка толо элек экендиги белгилүү болгон адам менен он сегиз жашка толгон адам жыныстык катнашта болгондо, бачабаздык же лесбиянчылык кылганда, -

үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**133-берене. Ыплас аракеттер**

(1) Он сегиз жашка чыга элек адамга карата зомбулук көрсөтпөстөн, ыплас аракеттер жасалганда, -

бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Ошол эле жосундар:

1) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим, тарбия берүү, дарылоо же башка мекеменин педагогу же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

2) ушул бөлүмдүн беренелеринде каралган кылмыштар үчүн мурда соттолгон адам тарабынан жасалганда, -

үч жылга чейин мугалимдик же башка иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Ошол эле жосундар жаш адамдарга карата жасалганда, -

үч жылга чейин мугалимдик же башка иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

*(КР 2013-жылдын 9-июлундагы N 126 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

…

**20-Бөлүм**

**Үй-бүлөгө жана жашы жете электерге каршы кылмыштар**

**153-берене. Эки жана андан көп аял алуу**

Эки же андан көп аял алганда, башкача айтканда, жалпы чарба жүргүзүп, эки же андан көп аялдар менен чогуу жашаганда, -

эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**154-берене. Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүүгө мажбурлоо**

(1) Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүүгө мажбурлоо -

жүздөн беш жүзгө чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндөгү айыпка же болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же болбосо беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат.

(2) Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүү үчүн ала качуу -

беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

*(КР 2013-жылдын 25-январындагы N 9 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**155-берене. Аялды никеге турууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн аны ала качуу же анын никеге турушуна тоскоолдук кылуу**

(1) Аялды никеге турууга же никелешип чогуу жашоону улантууга мажбурлаганда, ошого тете аялдын никеге турушуна тоскоолдук кылганда -

жүздөн эки жүз чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндөгү айыпка же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат.

(2) Анын эркине каршы никеге туруу үчүн аялды ала качканда -

беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

*(КР 2013-жылдын 25-январындагы N 9 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**155-1-берене. Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу**

Нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу менен ага карата никеге туруу боюнча диний каада жасалган адамдын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар), никеге туруу боюнча диний каада жасаган адам, ошого тете жашы жетпеген менен никеге туруу боюнча диний каада жасалган жашы жеткен адам -

үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

*(КР 2016-жылдын 17-ноябрындагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

...

## АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЖӨНҮНДӨ КОДЕКС

*Бишкек шаары, 1998-жылдын 4-августу N 114*

*(Көчүрмө)*

...

**17-берене. Административлык жоопкерчиликтен бошотуу**

*(Көчүрмө)*

Жасалган административлык укук бузуу анча маанилүү болбогондо, сот (судья) же орган (кызмат адамы) укук бузуучуну административлык жоопкерчиликтен бошотот жана оозеки эскертүү менен чектелет.

*(КР* 2012-жылдын 16-июлундагы № 115 *Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

...

**66-3-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук**

Үй-бүлөлүк зомбулук (үй-бүлөдөгү зомбулук) - бул үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген адамына карата дене бой, психикалык, экономикалык, сексуалдык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, эгерде бул аракеттер алар үчүн жазык жоопкерчилиги каралган жосундардын белгилерин камтыбаса, -

эсептик көрсөткүчтүн ондон жыйырмага чейинки өлчөмүндө административлык айып салууга же он бештен отуз саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет.

*(КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Көңүл буруңуздар! КР 2017-жылдын 24-январындагы N 10 Мыйзамына ылайык берилген берене 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүн жоготот.*

**66-4-берене. Коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо**

Коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо -

эсептик көрсөткүчтүн он бештен отузга чейинки өлчөмүндө администрациялык айып салууга же отуздан кырк саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга, же үчтөн беш суткага чейинки мөөнөткө администрациялык камакка алууга алып келет.

*(КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

...

**564-берене. Администрациялык кармоону жүзөгө ашырууга укук берилген органдар**

*(Көчүрмө)*

Администрациялык укук бузган адамды администрациялык кармоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан андайга ыйгарым укук берилген органдар (кызмат адамдары), атап айтканда:

1) майда бейбаштык, үй-бүлөлүк зомбулук жасалганда;

...

**587-берене. Администрациялык укук бузуу жөнүндө ишти кароодо такталууга тийиш болгон жагдайлар**

Администрациялык укук бузуу жөнүндө ишти кароодо орган (кызмат адамы), сот (судья): администрациялык укук бузуу жасалгандыгын, ушул адам аны жасоого күнөөлүү экендигин, иш администрациялык жоопкерчиликке тиешелүү экендигин, жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жагдайлар бар экендигин, материалдык зыян келтирилгендигин же келтирилбегендигин, администрациялык укук бузуу жөнүндө материалдарды аксакалдар сотунун кароосуна, жашаган, иштеген жана окуган жери боюнча өткөрүп берүү үчүн негиздер бар же жок экендигин тактоого, ошондой эле ишти туура чечүү үчүн мааниси бар башка жагдайларды тактоого милдеттүү.

…

**593-берене. Администрациялык укук бузууну жасоого көмөктөшкөн себептерди жана шарттарды белгилөө жөнүндө көрсөтүү**

Ишти кароочу сот (судья), же орган (кызмат адамы) администрациялык укук бузуулардын жасалышына көмөктөшкөн себептерди жана шарттарды белгилөөдө тиешелүү ишканага, мекемеге, уюмга жана кызмат адамына ушул себептерди жана шарттарды четтетүү боюнча чараларды көрүүнүн токтоосуздугу жөнүндө көрсөтүү чыгарат. Көрсөтүлгөн уюмдар жана адамдар көрсөтүү келип түшкөн күндөн тартып, он күндүн ичинде көрсөтүү чыгарган сотко (судьяга), органга (кызмат адамына) көрүлгөн чаралар жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

*(КР 2014-жылдын 3-июлундагы № 110 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

...

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨ КОДЕКСИ

*Бишкек шаары, 2003-жылдын 30-августу N 201*

*(Көчүрмө)*

...

**14-берене. Нике курагы**

1. Нике курагы он сегиз жаш деп белгиленет.

2. Жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары бул адамдардын өтүнүчү боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрдүн комиссиялык корутундусунун негизинде эркектер жана аялдар үчүн нике курагын бир жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу.

3. Нике курагы жөнүндө ушул Кодекстин талаптарын бузууда күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

...

**32-берене. Жубайлардын үй-бүлөдөгү тең укуктуулугу**

1. Жубайлардын ар бири иштин, кесиптин түрүн, бара турган жана жашай турган жерин эркин тандай алат.

2. Энелик, аталык, балдарга билим, тарбия берүү жана үй-бүлөнүн башка маселелери жубайлардын теңдигинин принцибине таянып, жубайлар тарабынан чогуу чечилет.

3. Жубайлар үй-бүлөдөгү мамилелерин өз ара сыйлашуу менен жардамдашуунун негизинде түзүүгө, үй-бүлөнүн бейпилдигине жана чыңдалышына көмөктөшүү, өздөрүнүн балдарынын бакыбаттыгына жана өсүп жетилишине кам көрүү негизинде курууга милдеттүү.

4. Жубайларга үйдөгү эмгекке карата бирдей милдет жүктөлөт.

5. Жубайлардын бири-бирине карата гендердик басмырлоо жасашына жол берилбейт.

...

**74-берене. Ата-энелик укуктардан ажыратуу**

Ата-эне (алардын бири) төмөндөгүдөй учурда ата-энелик укуктардан ажыратылышы мүмкүн, эгерде алар:

ата-энелик милдеттерин аткаруудан, анын ичинде алимент төлөөдөн кыянаттык менен качса;

жүйөлүү себептерсиз өз баласын төрөт үйүнөн (бөлүмүнөн), болбосо дагы башка дарылоо мекемесинен, тарбия берүү мекемесинен, калкты социалдык жактан коргоо мекемесинен же башка ушуга окшош мекемелерден алуудан баш тартса;

ата-энелик укуктардан кыянаттык менен пайдаланса;

балдарга зөөкүрдүк жасаса, анын ичинде анын дене боюна жана психикасына зомбулук көрсөтсө, жыныстык кол тийгистигине кол салса;

аракечтик же баңгилик өнөкөт илдети болсо;

өз балдарынын өмүрүнө же денсоолугуна, болбосо жубайынын же баланын ата-энесинин өмүрүнө же ден соолугуна каршы атайылап кылмыш жасаса;

жашы жетпеген өз балдарынын селсаяктыгына жол беришсе;

бала эмгегинин эң жаман формаларына балдарды тартса.

*(КР 2012-жылдын 17-майындагы N 54 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

...

**82-берене. Баланын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч туулганда баланын укугун коргоо боюнча чаралар**

Баланын өмүрүнө же ден соолугуна түздөн-түз коркунуч туулган өзгөчө учурларда (күч колдонуп же психологиялык зордук, орой мамиле же эксплуатациялоо жана башка учурларда) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүм балдардын укугун коргоо жана аны үй-бүлөдөн сырткары жайгаштыруу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу боюнча шашылыш чараларды көрөт. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүм шашылыш көрүлгөн чаралар жөнүндө бир сутканын аралыгында прокурорго жана балдар иштери боюнча комиссияга маалымат берет жана үч күндөн кечиктирбестен балдарга коргоо көрсөтүүнүн планын иштеп чыгат, материалдарды балдар иштери боюнча комиссияга жана андан ары сотко жөнөтөт.

*(КР 2008-жылдын 12-июнундагы N 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

*Бишкек шаары, 2012-жылдын 10-июлу N 100*

*(Көчүрмө)*

…

**5-берене. Ушул Кодексте колдонулган негизги түшүнүктөр**

**- балага ырайымсыз мамиле жасоо (зомбулук)** - бул балага карата анын дене бойлук же психикалык өнүгүшүн бузуучу же коркунуч келтирүүчү бардык аракеттер.

…

**16-берене. Баланын абийирин, кадыр-баркын, инсандык кол тийбестигин коргоого укугунун негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала абийирин жана кадыр-баркын, инсандык кол тийбестигин коргоого укуктуу. Мамлекет баланын жеке кол тийбестигин камсыз кылат, аны дене-бойлук жана (же) психикалык, сексуалдык зомбулуктан, ырайымсыз, орой же адамдык беделди кемсинткен мамиледен, кылмыштуу ишке тартуудан жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кемсинткен коомго каршы аракеттерди жана башка аракеттерди жасоодон коргоону жүзөгө ашырат.

Мындай аракеттерге күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

2. Өзүнүн ишинин түрү боюнча баланы окутуу жана тарбиялоо менен алектенүүгө милдеттүү адамдардын анын ар-намысына жана аброюна кол салуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

…

**22-берене. Прокуратуранын балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуудагы ыйгарым укуктары**

Прокуратура балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу максатында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

аткаруу бийлиги органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын так жана бир өңчөй аткарууларын көзөмөлгө алууну;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурларда, сотто балдардын таламдарына өкүлчүлүк кылууну.

**23-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү иштери**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, менчигинин түрүнө карабастан, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын балдардын укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу таламдарын сактоолорунун мониторингин, талдоону жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.

…

**36-берене. Баланы коргоо боюнча жеке план**

1. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү турмуштук оор кырдаалда турган бала табылган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде баланы коргоо боюнча жекече план түзөт.

2. Айыл жеринде айыл өкмөтүнүн адистери менен же болбосо шаарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен биргеликте кырдаалды ар тараптуу баалоону жүргүзүп жаткан балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери баланы коргоо боюнча жеке планды иштеп чыгат жана милдеттүү тартипте төмөнкү көйгөйлөрдү чечет:

1) ушул бала аны коргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө муктаж же муктаж эместигин;

2) баланын реабилитациялык программаларга муктаж же муктаж эместигин;

3) баланы үй-бүлөдө калтырууга мүмкүнбү же аны үй-бүлөдөн тышкары жайгаштыруу талап кылынабы;

4) балага камкорчу, асырап алуучу дайындоо же аны багуучу үй-бүлөгө жайгаштыруу талап кылынабы.

3. Баланы коргоо боюнча жекече планды түзүү төмөнкү принциптерди эсепке алуу менен жүзөгө ашырылат:

1) баланын жаш-курагына жана жетилгендигине жараша анын пикирин эске алуу;

2) баланы үй-бүлөдөн тышкары жайгаштыруу аны коргоонун акыркы чарасы катары жүзөгө ашырылат;

3) мындай бөлүү алардын эң мыкты таламдарына ылайык келген учурларды кошпогондо, ага-инилерди, эже-сиңдилерди бөлүүгө жол берилбейт;

4) баланын улуттук, диний, маданий же тилдик таандыгын эсепке алуу;

5) баланын курагына жана жетилгендигине жараша ага карата бардык маалыматтарды жана кабыл алынган чечимдерди балага жетимдүү формада түшүндүрүү;

6) чечимдерди кыска мөөнөттөрдө жана баланын жыргалчылыгына жана таламдарына залал келтирбестен кабыл алуу.

4. Баланы жатак мекемеге жиберүү, акыркы чара катары жана баланы үй-бүлөлүк чөйрө менен камсыз кылуу боюнча бардык башка чаралар түгөнгөнүнүн далили болгон өзгөчө учурларда гана пайдаланылат.

5. Баланы коргоо боюнча жекече план төмөнкүлөрдү камтышы керек:

1) турмуштук кырдаалды баалоону жана талдоону;

2) баланы коргоо боюнча иш-чараларды;

3) баланы коргоо боюнча иш-чаралардын анын өнүгүшүнө жана узак мөөнөтү келечекте анын укуктарын ишке ашырууга таасир этүүсүнүн божомолун;

4) иш-чараларды аткарууга жоопкерчиликтүү дайындуу органдар жөнүндө маалыматтарды;

5) планды аткаруунун, көзөмөлдөөнүн мөөнөттөрүн.

6. Баланы коргоо боюнча жекече план Балдардын иштери боюнча комиссиянын кароосуна киргизилет, ал аны 10 календардык күндүн ичинде карайт.

7. Баланын өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунуч болгон чукул учурларда (дене-бойлук, психологиялык, сексуалдык зомбулукту колдонуу, ырайымсыз мамиле кылуу же эксплуатациялоо) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү ички иштер органдары менен биргеликте, баланы коргоо боюнча, аны үй-бүлөдөн тышкары жайгаштырууга чейинки кечиктирилгис чараларды көрөт. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү бир сутканын ичинде шашылыш тартипте кабыл алынган чаралар жөнүндө сотко жазуу жүзүндө маалымдайт. Мындай учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү 3 жумушчу күндөн кечиктирбестен баланы коргоо боюнча жекече пландын долбоорун иштеп чыгат жана аны Балдардын иштери боюнча комиссияга жиберет.

Баланы үй-бүлөдөн алып койгондо, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине ылайык баланы алып коюу боюнча аракеттерге сот тартибинде даттануунун мүмкүндүгү жөнүндө ата-энелерди же аларды алмаштыруучу адамдарды жазуу жүзүндө маалымдоого милдеттүү.

8. Баланы үй-бүлөдөн тышкары жайгаштыруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

…

**99-берене. Зомбулукка кабылган балдарды табуу**

1. Балдарды тарбиялоо боюнча функциялар жүктөлгөн ата-энелер, аларды алмаштырган адамдар, органдар жана билим берүү мекемелери, алардын кызматчылары, медициналык жана башка мекемелердин кызматчылары балада зомбулук көрсөтүүнүн белгилери болгон (байкалган) учурда тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн бул жөнүндө укук коргоо органдарына жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмчөсүнө билдирүүгө милдеттүү.

2. Зомбулук келтирүүнүн фактыларын жаап-жашырган адамдар мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

**100-берене. Зомбулукка кабылган балдарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик жардам**

1. Зомбулуктан жана (же) ырайымсыз мамиледен жапа чеккен балага анын дене-бой саламаттыгын жана психологиялык абалын калыбына келтирүү үчүн зарыл медициналык, укуктук, психологиялык жардам милдеттүү түрдө берилиши, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык андан кийинки аны реабилитациялоо керек.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган жардамды алууга тоскоолдук кылган адамдар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчиликти тартышат.

**101-берене. Балдарды зомбулуктан жана (же) ырайымсыз мамиледен коргоого жооптуу ата-энелердин, аларды алмаштыруучу адамдардын жана кызмат адамдарынын жоопкерчилиги**

1. Ата-энелер, аларды алмаштыруучу адамдар жана мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, медициналык

мекемелер, укук коргоо жана башка ыйгарым укуктуу органдар зомбулукка же ырайымсыз мамилеге кабылгандардын дене-бой саламаттыгын жана психологиялык абалын калыбына келтирүү жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча бардык зарыл чараларды кабыл алууга милдеттүү.

2. Өздөрүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгынан улам баланын укуктарынын андан ары бузулушуна алып келген адамдар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчиликти тартышат.

**102-берене. Зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жапа чеккен баланы коргоо**

1. Зомбулуктун же кылмыштын курмандыгы болгон баланын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч болгон учурда, мындай жагдайды ачкан адам балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган коопсуз жерге жашы жетпегенди жайгаштырууга милдеттүү.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бала зомбулуктун же кылмыштын курмандыгы болуп калган жагдайларды ачуу жана белгилөө боюнча ыкмалары, усулдары жана башка иштери баланын эң мыкты таламдарына жооп бериши керек.

2. Бала зомбулуктун же кылмыштын курмандыгы болуп калган жагдайларды ачууга жана белгилөөгө багытталган тиешелүү органдардын экспертизасы жана башка аракеттери жашы жетпегенге карата зомбулуктун же кылмыштын фактысы боюнча кайрылуу түшкөн учурдан тартып 10 суткадан кечиктирилбестен жүргүзүлүүгө тийиш. Өзгөчө жагдайлар болгондо бул мөөнөт прокурор же сот тарабынан узартылышы мүмкүн.

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ЭРКЕКТЕР МЕНЕН АЯЛДАР ҮЧҮН БИРДЕЙ УКУКТАР МЕНЕН БИРДЕЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮН МАМЛЕКЕТТИК КЕПИЛДИКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2008-жылдын 4-августу N 184*

*(Көчүрмө)*

**1-берене. Ушул мыйзамда колдонулган негизги түшүнүктөр**

*(Көчүрмө)*

Гендердик басмырлоо (тикелей, кыйыр) - жынысы боюнча адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын чектеген аргандай айырмалоо, өзгөчөлөө же артыкчылык берүү; коомдук турмуштун саясий, экономикалык, маданий, жарандык же аргандай башка жааттарында эркектердин жана аялдардын тең укуктуулугун таануну, пайдаланууну, же жүзөгө ашырууну солгундатууга, же ажыратууга багытталган.

…

Гендердик теңчилик - аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрү, ал адамдарга жынысына карабастан жашоо-турмуштун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өз жөндөмдүүлүгүн эркин пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилиши.

…

Гендердик стереотиптер - тиешелүү мезгилде тиешелүү коом үчүн эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу түшүнүктөр.

…

Сексуалдык асылуу - эмгектик, кызматтык, материалдык, үй-бүлөлүк жана башка көзкаранды болгон адамды оозеки жана күч колдонуу менен кордоочу жана мазактоочу сексуалдык мүнөздөгү аракеттер.

…

**5-берене. Гендердик басмырлоого тыюу салуу**

Ар башка жыныстагы адамдарга карата ишмердиктин кандай гана чөйрөсүндө болбосун тикелей жана кыйыр гендердик басмырлоого тыюу салынат.

Гендердик тикелей басмырлоого төмөнкүлөр кирет:

- үй-бүлөлүк абалы, кош бойлуулугу, потенциалдуу кош бойлуулугу жана үй-бүлөлүк милдеттеринин себептери боюнча басмырлоо;

- сексуалдык асылуу;

- бирдей квалификациядагы бирдей эмгекке ар башкача эмгек акы;

Гендердик кыйыр басмырлоого төмөнкүлөр кирет:

- жалпыга маалымдоо каражаттары, билим берүү, маданият аркылуу гендердик стереотиптерди кайрадан жаратуу;

- кандайдыр бир жыныстагы адамдар үчүн залал келтирүү сыяктуу терс кесепеттерге алып келген же алып келе турган шарттарды, талаптарды коюу.

…

**22-берене. Үй эмгегиндеги гендердик теңчилик**

Мамлекет үй эмгегин тааныйт. Үй эмгеги үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден-соолугун, эмгекке жарамдуулугун жана руханий керектөөлөрүн калыптандырат, колдойт жана өнүктүрөт.

Үй эмгеги үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан ыктыярдуу негизде аткарылат жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн гендердик жана басмырлоонун башка тариздеринин каражаты боло албайт жана ар башка жыныстагы адамдар тарабынан бирдей деңгээлде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Мамлекет үй-бүлө мүчөлөрүнө алардын жынысына карабастан балдарды, улгайган ата-энелерди жана майыптарды эмгек жөнүндө жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте жана негизде мамлекеттик жөлөк пул төлөп берүү жолу менен багууну, адилеттүү компенсациялоону камсыз кылат.

Мамлекет үй эмгеги боюнча кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү чөйрөсүндө жарандык коом жана жеке сектор менен кызматташат жана кубаттайт.

…

**30-берене. Гендердик теңчиликти бузуу фактылары боюнча жарандардын кайрылуу тартиби**

Гендердик кодулоого туш болгон адамдар бир учурда Акыйкатчыга (Омбудсменге), прокуратура органдарына, сот жана башка мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылууга укуктуу.

Аталган субъекттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана мөөнөттө гендердик басмырлоо фактыларын карап чыгууну жүзөгө ашырат.

…

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2017-жылдын 27-апрели № 63*

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

### 1-берене. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **коопсуз жер** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн пикиринде бул адамдын өмүрүнө же ден-соолугуна кооптуулук болбогон аймак же жай;

2) **консультациялык-алдын алуу борбору (кризистик борбор)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык-психологиялык, ошондой эле укуктук, медициналык жардам көрсөтүүчү уюм. Консультациялык-алдын алуу борборунун алдында баш калкалоо жайы түзүлүшү мүмкүн;

3) **коргоо ордери** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучуга мамлекеттик коргоо берүүчү жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата ушул Мыйзамда аныкталган таасир этүү чараларын колдонууга алып келүүчү документ;

4) **үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучу** - үй-бүлөлүк зомбулук жасалган үй-бүлө мүчөсү же үй-бүлө мүчөсүнө теңештирилген адам, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукка күбө болгон жашы жете элек адам;

5) **этибарсыз мамиле** - үй-бүлө мүчөлөрүнө же үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдарга камкордук көрүү боюнча милдеттерин атайылап аткарбоо;

6) **үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу** - үй-бүлөдөгү зомбулукту токтотууга, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын өмүрүн, ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын сактоону камсыз кылууга багытталуучу чаралар;

7) **үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдар** - иш жүзүндө нике мамилелеринде турган адамдар; эмгекке жарамсыз же жашы жете элек багуудагы адамга камкордук кылуучу адам жана эмгекке жарамсыз же жашы жете элек багуудагы адамдын өзү; жубайлардын ата-энелери; бирге жашаган башка туугандар;

8) **үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (эскертүү)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттери тарабынан жүзөгө ашырылуучу, үй-бүлөлүк зомбулук жасоо кооптуулугун жарата турган себептерди жана шарттарды табууга, четтетүүгө багытталуучу социалдык, укуктук, медициналык, психологиялык, агартуучулук, маалыматтык жана башка чаралардын тутуму;

9) **психологиялык зомбулук** - дене-бойлук, сексуалдык, экономикалык зомбулук жасоо коркунучу, ошондой эле ар-намысты жана кадыр-баркты атайылап басмырлоо, өмүргө коркунуч келтирүүчү же психологиялык, дене-бойлук саламаттыктын бузулушуна, ошондой эле жашы жете элек адамдардын катташуу укугун чектөөгө алып келүүчү укук бузууларды же жосундарды жасоого мажбурлоо;

10) **үй-бүлөлүк зомбулук** - үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси;

11) **социалдык кызмат** - уюштуруучулук-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү жана жардам берүүчү уюм, мекеме;

12) **баш калкалоо жайы (үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн убактылуу жашап туруу борбору)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга коопсуз, убактылуу жашап туруу жайын берүүчү уюм. Баш калка жайлар аялдар жана эркектер үчүн өзүнчө уюштурулат;

13) **дене-бойлук зомбулук** - үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата түздөн-түз же кыйыр түрдө атайылап дене-бойлук таасир этүүсү, өтө маанилүү жашоо-турмуш функцияларын аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуусу, башка жерге көчүү эркиндигинен, турак жайдан, тамак-аштан, кийимден ажыратуусу же чектөөсү, оор кара күч эмгегине мажбурлоосу, ошондой эле багуу жана кам көрүү милдеттеринен баш тартуусу;

14**) үй-бүлө мүчөлөрү** - жубайлар, ата-энелер жана балдар, чоң энелер/чоң аталар, таяталар/таянелер, неберелер, камкорчулар/көзөмөлчүлөр жана камкордукка алынгандар, бала асырап алуучулар жана асырап алынгандар, багып алган ата-энелер жана багууга алынган балдар, мыйзамда белгиленген тартипте балдарды тарбиялоого алган башка адамдар, мурдагы жубайлар, өгөй энелер/өгөй аталар жана өгөй балдар, бир туугандар (толук же аталаш/энелеш), иш жүзүндөгү тарбиялоочулар жана иш жүзүндөгү тарбиялануучулар;

15) **экономикалык зомбулук** - үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүн/ага теңештирилген адамды багуу боюнча милдеттерин атайылап аткарбоосу, ошондой эле адамды ага мыйзам боюнча таандык болгон мүлктү же кирешелерди алуу же тескөө укугунан атайылап ажыратуу же чектөө жана/же ишенимдүү адамдын мүлктү же кирешелерди ишеним көрсөтүүчүгө зыян келтирүү менен пайдалануусу.

**2-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизденет, ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден жана жалпы таанылган эл аралык укуктардын принциптеринен жана ченемдеринен турат.

**3-берене. Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү**

1. Ушул Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана аны болтурбоонун, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук сактоону жана коргоону камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктайт.

2. Ушул Мыйзамдын колдонулушу үй-бүлө мүчөлөрүнө жана үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген, бирге жашаган адамдарга жайылтылат.

**4-берене. Ушул Мыйзамдын принциптери**

Ушул Мыйзам төмөнкүдөй принциптерге негизденет:

1) адам укуктары жана гендердик теңчилик жаатындагы мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын сакталышы;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун жеткиликтүүлүгүнүн теңчилиги;

3) адам укуктарын жана эркиндиктерин басмырлоочу жана үй-бүлөлүк зомбулукка өбөлгө түзүүчү элдик каада-салттарга жана үрп-адаттарга жол бербөө;

4) үй-бүлөлүк зомбулук келтиргендик үчүн жоопкерчилик;

5) алдын алууга багытталгандык;

6) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандардын үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо укуктарынын сакталышына жоопкерчилиги;

7) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого коомчулуктун катышуусу;

8) жазык ишин же административдик өндүрүштү козгоо фактысына карабастан, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону көрсөтүү.

**5-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын укуктары**

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттерден алардын компетенцияларынын чектеринде үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жана башка жардамдарын алуу укугуна ээ болот.

2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун, жардам көрсөтүүнүн жана коргоонун негиздери жана тартиби ушул Мыйзам менен аныкталат.

## 2-бөлүм. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттер

**6-берене. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин чөйрөсү**

Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону жана сактоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге төмөнкүлөр кирет:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча субъекттердин иштерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

3) сот;

4) прокуратура;

5) ички иштер органдары;

6) социалдык өнүктүрүү органдары;

7) саламаттык сактоо органдары;

8) билим берүү органдары;

9) юстиция органдары;

10) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

11) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени);

12) адвокатура;

13) жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;

14) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

15) аксакалдар соту;

16) жалпыга маалымдоо каражаттары;

17) өз компетенцияларынын чектеринде башка уюмдар.

**7-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү камсыз кылат;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттик программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат;

3) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ыйгарым укуктарын аныктайт;

4) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин иштерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктайт;

5) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн тартибин аныктайт;

6) өз компетенциясынын чектеринде ченемдик укуктук актыларды кабыл алат, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого багытталган мыйзам долбоорлорун демилгелейт;

7) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик аткаруу бийлигинин органдарынын ишин контролдоону жүзөгө ашырат;

8) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишине көмөк көрсөтөт;

9) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдарга ылайык кызматтарды көрсөтүүнүн жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө жардам берүүнүн мамлекеттик стандарттарын бекитет;

10) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

3. Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтиргенге чейин алар ушул Мыйзамга каршы келбеген бөлүктөрүндө колдонулат.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 25-мартындагы № 62 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 6, 238-ст.);

2) "Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамынын 15-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., № 7, 817-ст.).

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттөн кечиктирбестен өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**А.Атамбаев**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КАЛКТЫ «СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨНҮН НЕГИЗДЕРИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2001-жылдын 19-декабры N 111*

*(Көчүрмө)*

…

**3-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр**

…

**консультациялык-алдын алуу борбору (кризистик борбор)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдарга социалдык-психологиялык, ошондой эле укуктук, медициналык жардам көрсөтүү боюнча уюм. Консультациялык-алдын алуу борборунун алдында баш калкалоо жайы түзүлүшү мүмкүн.

**жашоо-тиричиликтин оор кырдаалы** - жарандын жашоо турмушун объективдүү түрдө бузган, андан өз алдынча чыгууга мүмкүн болбогон кырдаал (майыптык, жашы улгайганына же оорусуна, жетимдигине, көзөмөлсүз калгандыгына, аз камсыз болгондугуна, жумушсуздугуна, белгилүү бир жашаган жеринин жоктугуна, чыр-чатактарга жана үй-бүлөдөгү катаал мамилеге, үй-бүлөлүк зомбулукка, жалгыздыкка кабылган жана башка ушул сыяктуу).

**үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдар үчүн баш калкалоо жайы, убактылуу туруучу борбор** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдарга мыйзамдарга ылайык коопсуз, убактылуу жашап туруу жайын берүүчү уюм. Баш калкалоо жайлары эркектер жана аялдар үчүн өзүнчө уюштурулат.

…

**7-берене. Социалдык жактан тейлөө уюмдарынын жана мекемелеринин комплекси**

Калкты социалдык жактан тейлөө уюмдарынын комплекси милдеттүү минимумдагы уюмдардын тутумунан, социалдык жактан тейлөө уюмдарынын кошумча тармагынан турат.

Милдеттүү минимум тутумуна төмөндөгү уюмдар:

а) стационардык:

- улгайган жарандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн социалдык стационардык мекемелер;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн социалдык стационардык мекемелер;

- жетим балдар жана ата-эненин багуусунан ажыраган балдар үчүн социалдык стационардык мекемелер;

б) жарым-жартылай стационардык:

- улгайган жарандарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды социалдык жактан тейлөө борборлору (күндүз боло турган бөлүмдөр);

- үйдө социалдык жардам көрсөтүү борборлору;

- балдар жана өспүрүмдөр үчүн социалдык башпаана жайлары;

- балдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын башка категориялары үчүн социалдык-реабилитациялоо борборлору;

- үй-бүлөгө жана балдарга социалдык жактан жардам көрсөтүү борборлору;

- баш калкалоо жайы (үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдар үчүн убактылуу туруучу борборлор);

в) стационардык эмес:

- шашылыш түрдө психологиялык жардам көрсөтүү борборлору (ишеним телефону жана д.у.с.);

- социалдык жактан тез жардам (оперативдүү) көрсөтүү кызматтары (кыдырма бригадалар);

- ритуалдык кызмат көрсөтүүлөр агенттиги, адистештирилген сөөк коюу кызматтары.

Социалдык жактан тейлөө уюмдарынын кошумча тармагына:

- кайрымдуулук ишканалары менен мекемелери (хоспистер);

- түн ичинде боло турган башпаана жайлары;

- калкка психологиялык-педагогикалык жардам көрсөтүү борборлору;

- консультациялык-алдын алуу борборлору (кризистик борборлор);

- геронтологиялык борборлор;

- жалгыз бой улгайган жарандар үчүн атайын үйлөр;

- ата-эненин багуусунан ажыраган балдарга жардам берүү борборлору;

- балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнө жардам берүү борборлору (социалдык адаптация борборлору);

- социалдык мейманканалар;

- *(11-абзац КР 2016-жылдын 16-декабрындагы N 209 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

- социалдык дүкөндөр, ашканалар, турмуш-тиричилик кызматтарын көрсөтүү борборлору, прокаттык пункттар жана чеберканалар кирет;

- үй-бүлөлүк балдар үйү;

- тобокелдик топтору үчүн социалдык мейманканалар.

Менчигинин түрүнө карабастан социалдык жактан тейлөө уюмдарын түзүүнүн, анын иштешинин, кайра уюштуруунун жана жоюунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан жөнгө салынат.

*(КР 2008-жылдын 28-июлундагы N 177, 2013-жылдын 23-апрелиндеги N 56, 2016-жылдын 16-декабрындагы N 209, 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 1994-жылдын 11-январы N 1360-XII*

*(Көчүрмө)*

…

**8-берене. Ички иштер органдарынын милдеттери**

Ички иштер органдары (кызматкерлери) өз компетенциясынын чектеринде:

…

23) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды жүзөгө ашырууга, коргоо ордерин берүүгө, узартууга жана анын шарттарынын аткарылышына контролдук кылууга.

*(КР 1996-жылдын 19-декабрындагы N 61, 2005-жылдын 8-июнундагы N 74, 2008-жылдын 14-июлундагы N 143, 2011-жылдын 18-октябрындагы N 178, 2012-жылдын 23-майындагы N 63, 2012-жылдын 2-июлундагы N 94, 2013-жылдын 11-апрелиндеги N 51, 2013-жылдын 18-апрелиндеги N 55, 2015-жылдын 3-мартындагы N 46, 2015-жылдын 18-майындагы N 104, 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ УКУК БУЗУУЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2005-жылдын 25-июну N 82*

(Көчүрмө)

…

**20-берене. Укук бузууларды жекече алдын алуу чараларын колдонуунун негиздери**

Ушул Мыйзамдын 18- беренесинде каралган чараларды төмөнкү адамдарга колдонууга ошондой укукка ээ органдын тийиштүү чечимди кабыл алуусу жалпы негиз болуп саналат:

…

**- үй-бүлөлүк зомбулук жасагандарга жана коргоо ордерин алгандарга.**

*(КР 2011-жылдын 26-июлундагы N 141, 2012-жылдын 16-июлундагы N 114, 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

2011-жылдын 15-июлу № 101

*(Көчүрмө)*

…

**18-берене. Жергиликтүү маанидеги көйгөйлөр**

1. Аймактын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык пландаштырууну уюштуруу менен калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун төмөнкү көйгөйлөрү таандык кылынат:

…

25) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.

…

*(КР 2012-жылдын 19-июнундагы № 87, 2014-жылдын 13-январындагы № 10, 2014-жылдын 15-майындагы № 67, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 196, 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «АКСАКАЛДАР СОТТОРУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2002-жылдын 5-июлу N 113*

*(Көчүрмө)*

…

**15-берене. Аксакалдар соттору караган иштер (материалдар)**

*(Көчүрмө)*

Аксакалдар соттору төмөнкүдөй иштерди (материалдарды) кароого укуктуу:

…

ж) адамдын жүрүм-турумунда, жасаган иштеринде кылмыштын курамы болбогон учурларда, үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу.

*(КР 2003-жылдын 30-июлундагы N 158, 2013-жылдын 30-июлундагы N 169, 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ ЖАНА РАДИОУКТУРУУ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2008-жылдын 2-июну N 106*

*(Көчүрмө)*

…

**10-берене. Мамлекеттик телерадио уюмдары**

*(Көчүрмө)*

…

3. Мамлекеттик телерадио уюмдарынын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

…

7) коомдук аң-сезимде зомбулуктун ар кандай формасын кабылдабоону калыптандыруу жана басмырлоонун ар кандай формасын үгүттөөгө жол бербөө максатында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелерин чагылдыруу.

…

*(КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64, 2017-жылдын 4-майындагы N 75 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ЖАРНАК ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 1998-жылдын 24-декабры N 155*

*(Көчүрмө)*

…

**2-берене. Негизги түшүнүктөр**

…

**социалдык жарнак** - коомдук кызыкчылыктарды алдыга жылдыруучу жана социалдык пайдалуу максаттарга жетишүүгө багытталган, төмөнкүлөрдө көрүнгөн жарнак:

- жүрүм-турум маданиятын калыптандырууда;
- калктын айрым социалдык жактан алсыз топторуна карата коомдо сабырдуу мамиле жасоону калыптандырууда;
- адамдын жана жарандын укуктарын сактоодо жана басмырлоонун жана зомбулуктун бардык формаларын түп тамырынан бери жоготууда;
- кылмыштуулуктун жана коррупциянын деңгээлин төмөндөтүүдө;
- оорулардын алдын алууда жана дарылоодо;
- баңгиликтин таралышын алдын алууда;
- калкты жеке жана коомдук коопсуздуктун талаптарын сактоосуна ниеттендирүүдө;
- табигый, техногендик, биологиялык-социалдык, социалдык, чыр чатактуу мүнөздөгү коркунучтар жөнүндө жарандардын кабардар болуусун жогорулатууда;
- курчап турган чөйрөнү коргоодо;
- табигый, тарыхый, маданий, искусство жана илимий эстеликтерди сактоодо;

- өлкөдө маданий жана улуттук көп түрдүүлүктү сактоодо;

- энени жана баланы колдоодо, өлкөдө демографиялык кырдаалды жакшыртууда;

- меценаттык жана кайрымдуулук маданиятын өнүктүрүүдө жана колдоодо.

*(КР 1999-жылдын 30-ноябрындагы N 134, 2006-жылдын 8-августундагы N 159, 2009-жылдын 17-июлундагы N 228, 2009-жылдын 18-декабрындагы N 310, 2013-жылдын 26-апрелиндеги N 62, 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

…

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «КУРАЛ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 1999-жылдын 9-июну N 49*

*(Көчүрмө)*

…

### 15-берене. Кыргыз Республикасынын жарандарынын курал сатып алуу укугу

…

Куралды сатып алууга:

- ушул Мыйзам тарабынан белгиленген жашка толо элек;

- курал алууга каршы келген себептердин жоктугу жөнүндө медициналык корутунду бербеген;

- соттолгон;

- кылмышы үчүн жаза өтөп жүргөн;

- жыл ичинде коомдук тартипти же башкаруунун белгиленген тартибин бузуу менен байланышкан административдик укук бузууну кайталап жасаган;

- аларга карата алардын үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгынын фактысы боюнча сот актысы бар;

- туруктуу жашаган жери жок;

- куралды коопсуз пайдалануу эрежелерин билүүсүн текшертүүдөн өткөндүгүн ырастоочу документтерди жана ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн башка документтерди ички иштер органдарына бербеген Кыргыз Республикасынын жарандарына уруксат берилбейт.

Оорулуу адам курал алып жүрүүгө каршы келүүчү оорулардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын корутундусу боюнча ок атылуучу жана газ куралы катары пайдаланылбаган, найдын оозунан чыгуу кубаты 3 Джоулдан ашпаган куралга конструкциялык жактан окшош буюмдар, пневматикалык мылтыктар, тапанчалар жана револьверлер, сайы 6 миллиметрден ашпаган белги берүүчү тапанчалар жана револьверлер жана алардын патрондору уруксатсыз сатылып алынат жана катталбайт.

*(КР 2003-жылдын 6-мартындагы N 52, 2010-жылдын 19-февралындагы N 32, 2014-жылдын 13-мартындагы № 46, 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

…

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ, 2017-ЖЫЛДЫН 3-ОКТЯБРЫ № 642 КОРГОО ОРДЕРИНИН ФОРМАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

"Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга берилүүчү коргоо ордеринин формасы, 1-тиркемеге ылайык;

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга берилүүчү коргоо ордеринин формасы, 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2017-жылдын 13-октябрында N 110 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын Премьер-министри** **С.Исаков**

1-тиркеме

Форма

______________________________________________________________________

(Ички иштер органынын аталышы, райондун (шаардын) шифри)

## № ________ КОРГОО ОРДЕРИ

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга (мыйзамдуу өкүлүнө) берилди:

________________________________________________________________________

(аты-жөнү)

факт боюнча үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам:

________________________________________________________________________

(аты-жөнү)

2. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга жабыр тарткан адамга карата зомбулук жасоого тыюу салынат (1), жабыр тарткан адам менен түз жана кыйыр байланыш түзүүгө тыюу салынат (2).

3. Коргоо ордери берилген учурдан тартып 3 күнгө чейин колдонулат,
20__-жылдын "__" _____________ тартып 20__-жылдын "__" _____________ чейин.
Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын (мыйзамдуу өкүлүнүн), мыйзамдар менен аныкталган башка адамдардын арызы боюнча ички иштер органдары коргоо ордерин колдонуу мөөнөтүн 30 күнгө узартат.

4. Коргоо ордерин колдонуу мөөнөтү узартылды:
20__-жылдын "__" _____________ тартып 20__-жылдын "__" ____________ чейин.
Коргоо ордерин узарткан адам:

________________________________________________________________________

(кызматы, наамы, коргоо ордерин колдонуу мөөнөтүн узарткан ИИОнун кызматкеринин колу)

5. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам коррекциялык программадан өтүү үчүн төмөнкү жерге жөнөтүлдү:

________________________________________________________________________

(коррекциялык программадан өтүү жери)

6. Коргоо ордеринин шарттарынын бузулгандыгы жөнүндө ички иштер органынын контролдоочу кызматкерине кабарлоо зарыл

________________________________________________________________________

(ИИОнун кызматкеринин аты-жөнү, кызматтык жана уюлдук телефонунун номери)

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр
тарткан адамга берилүүчү коргоо
ордеринин арткы бети

## Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга арналган маалымат

Коргоо ордери - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды мамлекеттик коргоого алуучу жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата мыйзамдар менен аныкталган таасир берүү чараларын көрүүгө алып келүүчү документ.

Коргоо ордерин колдонуу мөөнөтү 30 күнгө узартылган учурда, ага үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча коррекциялык программадан өтүү шарты киргизилет.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам чогуу жашаган жеринен убактылуу көчүрүү, жашы жете элек балдар менен катташуу боюнча ата-энелик укуктарын чектөө талабы менен сотко кайрылуу укугуна ээ. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу укугуна төмөнкүлөр ээ: 1) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам же болбосо анын өкүлү; 2) прокурор; 3) эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам жашы жете элек же сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адам болуп саналса, анда балдарды коргоо жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкери.

2-тиркеме

Форма

______________________________________________________________________________

(Ички иштер органынын аталышы, райондун (шаардын) шифри)

## № ________ КОРГОО ОРДЕРИ

1. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга берилет:

______________________________________________________________________________

(аты-жөнү)

төмөнкү адамга карата үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча:

______________________________________________________________________________

(аты-жөнү)

2. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга коргоо ордеринин шарттары дайындалды: жабыр тарткан адамга карата зомбулук жасоого тыюу салынат (1), жабыр тарткан адам менен түз жана кыйыр байланыш түзүүгө тыюу салынат (2).

3. Коргоо ордери берилген учурдан тартып 3 күнгө чейин колдонулат,
20__-жылдын "__" ____________ тартып 20__-жылдын "__" ____________ чейин
Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын (мыйзамдуу өкүлүнүн), мыйзамдар менен аныкталган башка адамдардын арызы боюнча ички иштер органдары коргоо ордерин колдонуу мөөнөтүн 30 күнгө узартат.

4. Коргоо ордеринин узартуу мөөнөтү.
"__" _____________ 20__-ж. "__" ______________ 20__-ж. чейин
Коргоо ордерин узарткан адам:

______________________________________________________________________________

(кызматы, наамы, коргоо ордерин колдонуу мөөнөтүн узарткан ИИОнун кызматкеринин колу)

5. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам коррекциялык программадан өтүү үчүн төмөнкү жерге жөнөтүлдү:

______________________________________________________________________________

(коррекциялык программадан өтүү жери)

6. Коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоо төмөнкүгө жүктөлөт:

______________________________________________________________________________

(ИИОнун кызматкеринин аты-жөнү, кызматтык жана уюлдук телефонунун номери)

Эскертүү: Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам жашаган жерин өзгөрткөн учурда, коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдогон ИИОнун кызматкерин кабарлоо зарыл.

______________________________________________________________________________

(ИИОнун кызматкеринин аты-жөнү, кызматтык жана уюлдук телефонунун номери)

Эскертүү: Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам жашаган жерин өзгөрткөн учурда, коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдогон ИИОнун кызматкерин кабарлоо зарыл.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган
адамга берилүүчү коргоо
ордеринин арткы бети

## Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга арналган маалымат

Коргоо ордеринде зомбулук жасаган адамга карата колдонулуучу төмөнкүдөй шарттар каралган:

1) үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салынат;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам менен түз жана кыйыр байланыш түзүүгө тыюу салынат.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам чогуу жашаган жеринен убактылуу көчүрүү, жашы жете элек балдар менен катташуу боюнча ата-энелик укуктарын чектөө талабы менен сотко кайрылуу укугуна ээ.

Доо арызы коргоо ордери берилген учурдан тартып же үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча аны жасаган адамга карата соттук акт мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып алты айдын ичинде берилиши мүмкүн.

# III бөлүм. ИИМдин ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК АКТЫЛАРЫ

## ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ БУЙРУК 14.11. 2017-Ж. № 970 «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОО ЖАНА САКТОО БОЮНЧА КРДИН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУ БОЮНЧА НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ»

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
| ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ | МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ |
| **Б У Й Р У К** | **П Р И К А З** |

«14» 11 2017-ж.  Бишкек ш.  № 970

**«Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча КРдин ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча нускаманы бекитүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө” мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы № 642 “Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө” токтомун натыйжалуу ишке ашыруу, үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча республиканын ички иштер органдарынын ишмердигин уюштуруу максатында,

**Б У Й Р У К  К Ы Л А М:**

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча КРдин ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча нускама бекитилип, 2017-жылдын 1-декабрынан тартып ишке киргизилсин *(№ 1- 4 тиркеме).*

2. Бишкек ш., Чүй обл. ИИББнын, облустук жана Ош ш. ИИБнын башчылары:

2.1. Ушул Нускаманы КР ИИОнун жалпы өздүк курамына андан ары зачет алуу менен тааныштырсын;

2.2. Ушул Нускаманын талаптарына ылайык КР ИИОнун кызматкерлеринин ишмердигин уюштурууну камсыз кылсын.

3. Кыргыз Республикасынын ИИМдин ФЧКББнын башчысы (Р.У. Жапаров) ушул Нускаманы брошюра түрүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы № 642 “Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген коргоо ордеринин бланктарын;

коргоо ордерлерин берүүнү/узартууну каттоо журналдарын; коргоо ордерлеринин катоо карточкаларынын бланктарын; ИИОнун кызматкерлери үчүн коргоо ордери боюнча маалыматтык-контролдоо барактарынын бланктарын 2017-жылдын 1-декабрына зарыл болгон өлчөмдө басмаканадан даярдап чыгарсын.

4. КР ИИМдин 2009-жылдын 28-сентябрындагы № 844 "Үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча Кыргыз Республикасынын ИИОнун ишмердигин уюштуруу боюнча нускаманы ишке киргизүү тууралуу" буйругу күчүн жоготту деп эсептелсин.

5. Бул буйруктун талаптагыдай аткарылышына жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын ИИМдин ККНнын (С.Т. Асаналиев), ФЧКББнын (Р.У. Жапаров) башчыларына жана ушул буйруктун 2-пунктунда көрсөтүлгөн бөлүктөрдүн жетекчилерине жүктөлсүн.

6. Бул буйруктун талаптагыдай аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин орун басары милициянын полковниги А.К. Орозалиевге жүктөлсүн.

**Министр**
**милициянын генерал-майору** **У. Исраилов**

КР ИИМдин
14.11. 2017-ж. № 970 буйругуна
1-тиркеме
*(КРнын ИИМнин 29.12.2017-ж., №1116- буйругунун редакциясында)*

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча**

## НУСКАМА

### 1. Жалпы жоболор жана принциптер

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча ушул Нускама (мындан ары – Нускама) Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын "Ички иштер органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык иштеп чыкты.

2. Ушул Нускама төмөндөгүлөрдү регламенттейт:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча жалпы жоболорду жана принциптерди;
- ички иштер органдары (мындан ары – ИИО) тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун, сактоонун жана жардам берүүнүн негиздерин жана тартибин;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендердин укуктарын, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын милдеттерин жана жоопкерчилигин;
- ИИОнун кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо чөйрөсүндөгү укуктарын жана милдеттерин;
- ИИО тарабынан жүзөгө ашырылган бөгөт коюунун түрлөрүн;
- коргоо ордерин берүү жана узартуу тартибин;
- коргоо ордеринин шарттарын;
- коргоо ордеринин шарттарын аткаруу боюнча көзөмөл жүргүзүү тартибин;
- коргоо ордеринин бланкын толтуруу тартибин;
- үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча алдын алуу иштерин жүргүзүү жана өз ара аракеттешүү тартибин;
- коргоо ордерлери боюнча каттоону жана статистикалык отчетту жүргүзүүнүн тартибин.

3. Ушул Нускаманын аракети төмөндөгү үй-бүлө мүчөлөрүн жана бирге жашаган үй-бүлө мүчөлөрүнө теңдешкен адамдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого жана сактоого жайылтылат:

- жубайларга;
- факт жүзүндө нике мамилеси бар адамдарга;

- мурдагы жубайларга;
- ата-энелерге жана балдарына;
- чоң ата/чоң эне жана неберелерге;
- кароосуз калган балдарга камкорчулар/көзөмөл кылгандар жана камкорчулукка алынгандар камкорчулук кылгандар, асырап алуучулар жана асыранды балдар, багып алган ата-энелер жана багып алынган балдар, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте балдарды тарбиялоого алган башка адамдар;
- өгөй ата/өгөй энелер жана өгөй кыз/өгөй бала;
- бир тууган ага-ини жана эже-сиңдилер (бир тууган жана аталаш же энелеш бир туугандар);
- факт жүзүндөгү тарбиячылар жана факт жүзүндөгү тарбиялануучулар;
- эмгекке жараксыз же жашы жете элек багууга муктаждарды камкордукка алган адам же эмгекке жараксыз же жашы жете элек багууга муктаж адамдар;
- жубайлардын ата-энеси;
- бирге жашаган башка туугандар.

4. Үй-бүлөлүк зомбулук менен иштөөдө ИИОнун кызматкерлери төмөндөгү принциптерди жетекчилике алышат:

1) адам укуктары жана гендердик теңчилик жаатындагы мыйзамдарды жана эл аралык стандарттарды сактоо;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдын жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу;

3) үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого жана сактоого ар бир жарандын бирдей жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу жана жапа чеккен ар бир жарандын жынысына, этностук келип чыгуусуна, жашоо-турмушуна же башка жагдайларына карабастан бирдей мамиле жасоо;

4) үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдар жөнүндө маалыматтын купуялуулугун камсыздоо;

5) үй-бүлөлүк зомбулукка түрткү болгон жана адамдын укугуна жана эркиндигине шек келтирген элдик каада -салттарга жол бербөө;

6) жапа чеккендердин муктаждыктарына багытталган мамилени камсыз кылуу;

7) өнөктөштүк жана ведомстволор аралык өз ара аракеттешүү;

8) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жоопкерчилиги;

9) алдын алуу багытындагы жумуштар;

10) кылмыш ишин козгоо фактысына же административдик өндүрүшкө карабастан үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо чараларын көрсөтүү.

5.Ушул Нускамада төмөндөгү негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **коопсуз жер** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн оюу боюнча, анын өмүрүнө же саламаттыгына коркунуч жаралбаган аймак же бөлмө;

2) **кеңеш берүү-алдын алуу борбору (каатчылык (кризистик) борбору)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге социалдык-психологиялык, ошондой эле укуктук, медициналык жардам көрсөтүү боюнча

уюм. Кеңеш берүү-алдын алуу борборунун алдында башпаанек кылуучу жай түзүлүшү мүмкүн;

3) **коргоо ордери** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге мамлекеттик коргоону көрсөтө турган жана үй-бүлөлүк зомбулук жасагандарга карата Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө” мыйзамында аныкталган таасир берүү чараларын көрсөтүүчү документ;

4) **үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адам** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен үй-бүлө мүчөсү же үй-бүлө мүчөсүнө барабар адам, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукка күбө болгон жашы жете элек өспүрүм;

5**) көңүл кош мамиле** – үй-бүлө мүчөлөрүнө жана ага тең келген адамдарга карата камкордук кылуу милдеттерин атайылап аткарбоо;

6) **үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдардын өмүрүн, саламаттыгын, намысын жана аброюн коргоону камсыз кыла турган, үй-бүлөлүк зомбулукту токтотууга багытталган чаралар;

7) **үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу (эскертүү)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо багытында иш жүргүзгөн субъектилер тарабынан жүзөгө ашырылган, үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо коркунучун пайда кылган шарттарды жана себептерди аныктоо жана жок кылууга багытталган социалдык, укуктук, медициналык, психологиялык, агартуучулук, маалыматтык жана башка чаралардын тутуму;

8) **психологиялык зомбулук** - күч колдонулган, сексуалдык, экономикалык зомбулук көрсөтүү коркунучу, ошондой эле ар намысына жана аброюна шек келтирип, атайлап кемсинтүү, өмүрүнө коркунуч алып келе турган же психикалык, физикалык саламаттыгынын бузулушуна алып келе турган укук бузууларды же жосундарды жасоого мажбурлоо, ошондой эле жаш өспүрүмдүн башкалар менен байланышуу укугун чектөө;

9) **үй-бүлөлүк зомбулук** – бул күч колдонулган, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайын жасалган кыймыл-аракет же коркутуу, ошондой эле бир үй-бүлө мүчөсүнүн/үй-бүлө мүчөсүнө теңелген адамдын башка бир үй-бүлөнүн мүчөсүнө/ага тең келген адамга карата болгон орой мамиле;

10) **социалдык кызмат** – уюштуруу-укуктук түрүнө жана менчик түрүнө карабастан, үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге социалдык кызмат жана жардам көрсөткөн мекеме, уюумдар;

11) **баш калкалоочу жай (үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендердин убактылуу баш калкалоочу борбору)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге коопсуз убактылуу баш калкалоочу жайды берген уюм. Баш калкалоочу жайлар аялдар жана эркектер үчүн өз-өзүнчө уюштурулат;

12) **күч колдонуулган зомбулук** - бир үй-бүлө мүчөсүнүн/үй-бүлө мүчөсүнө теңелген адамдын үй-бүлөнүн башка бир мүчөсүнө/үй-бүлө мүчөсүнө теңелген адамга карата түздөн-түз же кыйыр түрдө күч колдонуу менен зомбулук көрсөтүп, анын жашоого маанилүү болгон милдетинен ажыратып,

эркин жүрүү укугуна, турак-жай, тамак-аш жана кийим-кече менен камсыз болуусуна чек коюу, оор жумуштарды жасоого мажбурлоо, ошондой эле камкордук кылуу, багуу милдетин аткаруудан качуу;

13) **экономикалык зомбулук** - бир үй-бүлө мүчөсүнүн/ага тең келген үй-бүлө мүчөсүнүн үй-бүлөнүн башка бир мүчөсүнө/ага теңелген адамга карата камсыздоо боюнча милдетин аткаруудан качуусу, ошондой эле ага мыйзам чегинде тиешелүү болгон мүлккө жана кирешеге ээ болуу укугунан атайылап ажыратуу же чек коюу, же/жана ишенип берилген мүлктү, каражатты ишеним көрсөткөн адамдын ишенимине зыян келтирип пайдалануусу.

## 2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамдардын укугу, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын милдеттери жана жоопкерчилиги

6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адам төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) жасалган үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө же аны жасоо коркунучу тууралуу ИИОго мамлекеттик же расмий тилде арыз берүүгө;

2) жасалган үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу өзү берген билдирүүнүн же башка бирөө берген билдирүүнүн негизинде ИИОдон коргоо ордерин алууга;

3) коргоо ордерин узартуу тууралуу ИИОго арыз менен кайрылууга;

4) коргоо ордерин узарткан кезден тартып үч күндүк мөөнөттө социалдык өнүктүрүү органынын жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоонун башка субъектилеринин тиешелүү аймактык бөлүктөрүнө билдирүү үчүн ИИОго макулдук берүүгө;

5) коргоо ордерин берүүдөн же узартуудан баш тарткандардын үстүнөн белгиленген тартипте ИИОго (инстанциялар боюнча), прокуратура органдарына же сотко даттанууга;

6) коргоо ордеринин шарттары, берилүү тартиби, аны узартуу жана коргоо ордеринин көзөмөлдөө шарттары жөнүндө маалымат алууга;

7) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды административдик же кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча тиешелүү ИИОнун аймактык бөлүгүнө кайрылууга;

8) бир же бир нече талаптар боюнча сотко доо арыз менен кайрылууга:

- бирге жашаган жайдан, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды убактылуу чыгарып салуу;
- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жашы жете элек балдары менен байланышуу бөлүгүндөгү ата-энелик укугун чектөө;
- жарандык мыйзамдарга ылайык үй-бүлөлүк зомбулук жасагандарды аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген адам катары таануу;
- жарандык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарда көрсөтүлгөн башка талаптар.

Бирге жашаган жайдан убактылуу чыгарып жиберүү жана жашы жете элек балдар менен байланышуу бөлүгүндө ата-энелик укугун чектөө тууралуу талаптар боюнча үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын укуктарын чектөө сот тарабынан бир айдан алты айга чейинки мөөнөткө белгиленет.

9) эгер үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын аракетинде кылмыштын белгилери жок болгон учурда, үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу ишти (материалды) кароо максатында жашаган жериндеги аксакалдар сотуна кайрылууга.

10) мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерден, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүү мекемелеринен: кеңеш берүү-алдын алуу борборлорунан (каатчылык (кризистик) борборлорунан) баш калкалоочу жайлардан, ошондой эле башка мекеме-уюмдардан алардын компетенцияларынын чегинде үй-бүлөлүк зомбулуктан укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардамды жана коргоону алууга;

11) убактылуу коопсуз жашоо үчүн мамлекеттик жана муниципалдык баш калкалоочу жайлардагы бөлмөлөргө. Баш калкалоочу жайларга жайгаштыруу баш калкалоочу жайлардын белгиленген эрежелерине ылайык, келишим түзүү шартында акы төлөнбөстөн жүзөгө ашырылат;

12) билим алуу, кесипкөй даярдыктан жана кайра даярдыктан өтүү, жумушка орношуу жана социалдык реабилитациялоонун башка түрлөрү жөнүндө маалымат алууга;

13) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Нускамада каралган башка укуктарга.

7. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) коомдук тартипти сактоо, ИИОнун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган укук бузууларды жана башка аракеттерди жасабоо боюнча ИИО кызматкеринин берген талабын аткарууга;

2) мыйзамда алдын ала каралган негиздер бар болгон учурда, ИИО кызматкеринин турак-жайга жана башка жайларга кирип, коомдук тартипти сактоо максатында кармоо, кишинин өмүрүн, саламаттыгын же мүлкүн кайтаруу жана коргоо иштерин жүргүзүүгө тоскоолдук жаратпоого;

3) мыйзамда белгиленген тартипте коргоо ордерин алууга;

4) коргоо ордеринин баардык шарттарын аткарууга;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Нускамада каралган башка милдеттерди аткарууга.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын коргоо ордеринин шарттарын аткарбоосу анын аракетин токтотпойт.

8. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) төмөндөгү маалыматтарды алууга:

- коргоо ордеринин шарттары, коргоо ордерин берүү тартиби, анын узартылышы жана коргоо ордеринин шарттарынын контролдонушу тууралуу;

- ушул Нускамада көрсөтүлгөн адамдардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери тууралуу;

- зомбулуктуу жүрүм-турумун өгөртүү боюнча түзөтүү программаларын өтүү шарттары тууралуу;

2) мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерден ошондой эле

башка мекемелерден алардын компетенцияларынын чегинде укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам алууга;

3) белгиленген тартипте ИИОго (инстанциялар боюнча), прокуратурага же сотко даттанууга:

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган фактысы же аны жасоо коркунучу тууралуу ИИОго берилген каалаган адамдын арызына;

- коргоо ордерин берүү жана аны узартууга.

## 3. Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо чөйрөсүндөгү ИИО кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери

9. Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо чөйрөсүндөгү ИИО кызматкерлери төмөндөгү укуктарга ээ:

1) Кыргыз Республикасынын “Ички иштер органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, адам өмүрүн жана саламаттыгын сактоо максатында жарандарга тийиштүү болгон турак-жайларга жана башка жайларга, жарандардын аймагына тоскоолдуксуз кирүүгө;

2) үй-бүлөлүк зомбулукту токтотууну жүзөгө ашырууга;

3) административдик же жазык-процесстик мыйзамдарга ылайык үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кармоого;

4) коргоо ордеринин шарттарын аткарууну контролдоого, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча соттун чечиминин аткарылышына көмөктөшүүгө;

5) үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу учурунда Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарынын чегинде жеке өзүнүн коопсуздугун, ошондой эле жарандардын жана ИИОнун башка кызматкерлеринин коопсуздугун коргоо үчүн чара көрүүгө;

6) үй-бүлөлүк зомбулук жасагандардын жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендердин эсебин алууга;

7) жаш өспүрүмдөргө карата жасалган үй-бүлөлүк зомбулуктун аныкталган фактылары тууралуу балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кабарлоого;

8) мыйзамдуу өкүлдөр же балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүктөрү менен катар он төрт жашка толо элек, ошондой эле сот тарабынан ишке жөндөмсүз деп табылган адамдардын атынан коргоо ордерин отуз күнгө узартуу тууралуу арызы менен кайрылууга;

9) үй-бүлөлүк зомбулук учурлары туурасында, жапа чеккен адамдын макулдугу менен, анын атынан үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъектилерине кабарлоого;

10) үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамды, анын макулдугу менен медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизадан өтүүгө багыттоого. Эгерде жашы жете элек өспүрүм ата-энесинен же башка мыйзамдуу өкүлдө тарабынан жабыркаган болсо, ал анын макулдугусуз медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизадан өтүүгө жөнөтүлөт;

11) үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендердин макулдугу менен жасалган зомбулук жөнүндө маалыматты зомбулук жасаган адамдын жумуш ордуна жиберүүгө (эгер ал бир жерде туруктуу иштесе);

12) үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоону жүзөгө ашырган башка субъектилер менен бирге аракеттенүүгө;

13) калк менен үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча алдын алуу жана маалымат иштерин жүргүзүүгө;

14) өз ыйгарым укуктарынын чегинде үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча башка ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга.

10. ИИОнун кызматкерлери өз ыйгарым укуктарынын чегинде төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча чара колдонууга;

2) коргоо ордерин берүүгө жана узартууга;

3) коргоо ордеринин шарттарын аткарууну контролдоого;

4) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында жана ушул Нускамада алдын ала каралган башка милдеттерди аткарууга.

11. ИИО кызматкерлери үй-бүлөлүк зомбулук менен иштөөдө төмөндөгүлөрдү жетекчиликке алышат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын;

- мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдерди;

- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексин;

- Кыргыз Республикасынын 1994-жылдын 11-январындагы “Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө” № 1360-XII мыйзамын, Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 25-июнундагы “Кыргыз Республикасында укук бузууларды алдын алуу тууралуу” № 82 мыйзамын, Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги “Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө” № 63 мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын жана буйруктарын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана буюрмаларын;

- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ведомстволук актыларын;

- ушул Нускаманы.

## 4. ИИО тарабынан жүргүзүлүүчү бөгөт коюулардын түрлөрү

12. ИИО тарабынан жүргүзүлүүчү үй-бүлөлүк зомбулуктарга бөгөт коюулардын түрлөрү:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендердин жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн же аларга барабар адамдардын өмүрүнө, ден-соолугуна коркунуч келген учурда, коркунучту жок кылуу боюнча токтоосуз чара көрүү;

2) административдик же жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кармоо;

3) коргоо ордерин берүү жана узартуу;

4) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды административдик же жазык-процесстик жоопкерчиликке тартуу;

5) өмүрүнө, ден-соолугуна коркунуч жаралган үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамды анын макулдугу менен коопсуз жайга же баш калкалоочу жайга жайгаштыруу.

13. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, социалдык өнүктүрүү органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерди коопсуз жайга жайгаштыруу боюнча ИИОго көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө" мыйзамында аныкталган үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоонун башка субъектилери үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерди токтоосуз коопсуз жайга жайгаштырууда ИИОго көмөк көрсөтүшөт.

## 5. Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы же аны жасоо коркунучу боюнча жарандар кайрылган учурдагы ИИО кызматкерлеринин милдеттери

14. ИИБ, МШБ, МАБ нөөмөтчүсү төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) Арыздарды (маалыматты) кабыл алып, маалымат каттоо журналына (МКЖ) каттоого, ал эми зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин (мындан ары-КР ИИМ) 26.09.2001-жылдагы № 415-буйругуна ылайык, окуялар жөнүндө арыздарды жана маалыматтарды каттоо китебине (ОжАМКК), МКЖнын акыркы графасына көрүлгөн чаралар жөнүндө белгилеп көрсөтүү менен каттоого.

Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча арыз ээси каалаган адам болушу мүмкүн, анын ичинде:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адам;
- зомбулукка күбө болгон адам;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдын коңушусу, достору же туугандары;
- медициналык жардам көрсөткөн адам;
- мекеме/уюумдардын, билим берүү тутумунун, үй-бүлөгө жана балдарга көмөк көрсөтүү бөлүмүнүн, балдар жана кризистик борборлордун кызматкерлери ж.б.;
- ИИО кызматкерлери.

2) үй-бүлөлүк зомбулук жасалган жерге, экиден кем эмес ИИО кызматкеринин келишин камсыздоого.

15. Үй-бүлөлүк зомбулук – жогорку тобокелчиликтеги окуя, ошол себептен ал жерге эки милициянын аймактык ыйгарымдуу өкүлү (мындан ары-

МАЫӨ) же ИИОнун экиден кем эмес кызматкери (нөөмөтчүнүн көрсөтмөсү менен) баруусу зарыл.

16. Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган адамдын, башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана башка ага барабар адамдардын өмүрүнө жана ден-соолугуна болгон коркунучту токтотуу боюнча турак-жайга, үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамга, жабырлануучуга сырткы тинтүү жүргүзүү жолу менен тез чара көрүүгө.

17. МАЫӨү же башка ИИО кызматкерлери өз ыйгарым укуктарынын чегинде административдик укук бузуу боюнча өндүрүштү камсыздоо үчүн төмөндөгү чараларды көрүүгө укуктуу:

1) Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекстин 566-беренесине ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата, ден-соолукка зыян алып келе турган нерселердин бар же жогун аныктоо максатында, өздүк карап чыгууну жүргүзүүгө:

- куралдын жана ок-дарылардын;
- көздөн жаш агызуучу же ачыштыруучу заттар менен дүрмөттөлгөн механикалык жана аэрозолдук түзүлүштөрдүн;
- электр менен эстен тандыруучу түзүлүштөрдүн жана от чачуучу разрядниктердин;
- саюуга, кесүүгө ыңгайлашкан башка нерселердин;
- жарылуучу заттардын.

2) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын турак-жайында жана ага тиешелүү аймакта куралдын ок-дарылардын жана башка ден-соолукка зыян келтирүүгө мүмкүн болгон буюмдардын сакталуу мүмкүнчүлүгүн сурамжылоо жүргүзүү жолу менен аныктоо.

Эгерде андай нерселер табылган учурда Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин 566-беренесине ылайык буюмдарды карап чыгууну жүргүзүү.

Өздүк карап чыгуу жана буюмдарды карап чыгуу тууралуу протокол толтурулат же административдик укук бузуу жөнүндө протоколдо же административдик кармоо жөнүндө протоколдо тийиштүү жазуу калтырылат.

3) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды,үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамды, балдарды, коңшуларын жана башка күбөлөрдү сурамжылоо.

Үй-бүлөөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамды, балдарды жана күбөлөрдү үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды катыштырбай сурамжылоо зарыл.

Он алтыга жашы толо элек жашы жете элек өспүрүмдү суроо учурунда, балдардын укугун коргоо боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын өкүлүнүн, мугалимдин же психологдун катышуусу милдеттүү.

Сурамжылоо учурунда төмөндөгүлөр зарыл:

- үй-бүлөлүк зомбулуктун себебин аныктоо;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү;
- үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамды жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамды аныктоо;

- мурда да үй-бүлөлүк зомулук учурлары болгонун, тез-тез кайталанганын аныктоо;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам мурда болгон жаңжалдардан жаракат алгандыгын жана медициналык жардам сурап кайрылгандыгын аныктоо;

- үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адам үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн мурда жоопкерчилике тартылгандыгын аныктоо.

4) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга ушул Нускаманын 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн анын укуктары менен тааныштыруу;

5) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга керектүү кеңеш берүү, коргоо ордерин алуу жана узартуу жолдорун, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамды административдик же кылмыш жоопкерчилигине тартуу тартибин түшүндүрүп берүү;

6) үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамга, үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн укуктук аракеттерди: коргоо ордерин берүү жана анын шарттарын, үй-бүлөлүк зомбулукту жасагандыгы үчүн жана коргоо ордеринин шарттарын бузгандыгы үчүн административдик жоопкерчиликке тартылаарын, түзөтүү программасынан өтүүсүн, ошондой эле кылмыш жоопкерчилигине тартыларын түшүндүрүү зарыл;

7) зарыл болгон учурда "Медициналык жардамды" чакыруу, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды медициналык мекемеге же коопсуз жайга (жапа чеккен адамдын оюу боюнча), б.а. досторуна, туугандарына, социалдык жардам берүү боюнча адистештирилген мекемелерге ж.б. алып барууну уюштуруу;

8) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды административдик жоопкерчиликке тартуу боюнча төмөндөгү материалдарды даярдоо:

- үй-бүлөлүк зомбулук жасалган факт тууралуу административдик протокол жана укук бузуучуга карата токтом;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын, туугандарынын, кошуналарынын жана күбөлөрдүн түшүнүктөрү;

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын паспорту же өздүгүн тастыктаган башка документтери;

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын өздүк кароосунун протоколу;

- сотко жиберүү каты.

9) Өмүрүнө, ден-соолугуна коркунуч жаралган үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды, анын макулдугу менен коопсуз жайга же баш калкалоочу жайга токтоосуз жайгаштырууга;

10) Зарыл болгон учурда, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды коопсуз жайга токтоосуз жайгаштырууда ИИОго көмөк көрсөткөн үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоонун башка субъектилерине кайрылууга;

11) КРнын ИИМдин 14.12.2015-ж. № 1211 буйругунун талаптарына ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды "үй-бүлө-тиричилик мамилелер

чөйрөсүндөгү укук бузууну жасоо" категориясында ИИОнун алдын алуу каттоосуна коюуга.

18. Үй-бүлөлүк зомбулук учурларын кароодо ИИО кызматкери Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 587-беренесин жетекчиликке алышы керек, ал жерде административдик укук бузуу боюнча ишти кароо учурунда орган (кызмат адамы) же сот (судья) төмөндөгүлөрдү аныктоого милдеттүү экендиги жазылат:

-административдик укук бузуу жасалганбы;

- бул адам жасалган ишке күнөөлүбү;

- ал административдик жоопкерчиликке тартууга тийиишпи;

- анын жоопкерчилигин жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайлар барбы;

- материалдык чыгым келтирилгенби;

- административдик укук бузуу боюнча материалды, иштеген жана окуган жерине, жашаган жери боюнча аксакалдар сотуна кароого жиберүүгө негиз барбы;

- ишти туура чечүү үчүн мааниге ээ болгон башка жагдайларды аныктоо.

## 6. Коргоо ордерин берүүнүн жана узартуунун негиздери

19. Коргоо ордерин берүүгө үй-бүлөлүк зомбулук жасалган факт тууралуу ИИОго билдирген бардык жарандардын маалыматы негиз боло алат.

20. Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы ИИО тарабынан ушул Нускаманын 5-бөлүгүнө ылайык үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу билдирүүнү камтыган маалыматтарды текшерүү менен такталат.

21. Коргоо ордери, жаш курагы он сегизге жеткен үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамга жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга берилет.

22. Коргоо ордери ИИО тарабынан, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жашаган жери боюнча үй-бүлөлүк зомбулук фактысы аныкталгандан кийин 24 сааттын ичинде үч күндүк мөөнөткө милдеттүү түрдө берилет.

23. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдын арызы боюнча ИИО коргоо ордерин отуз күнгө узартат.

24. ИИОнун кызматкери үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга коргоо ордеринин шарттары жана аны аткарбай коюунун кесепеттери менен кол койдуруп, тааныштырууга милдеттүү.

25. ИИОнун кызматкери коргоо ордерин алган үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдга зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча (алар бар болсо) түзөтүүчү программалардын мүмкүн болушу жана алардан өтүү шарттары тууралуу колун койдуруу менен билдирүүгө милдеттүү.

26. Коргоо ордерин берүү жана/же узартуу боюнча маалымат төмөндөгүлөргө жиберилет:

- коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын көзөмөлдөө ыйгарым укугу берилген ИИОнун кызматкерине;

- үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун макулдугу менен аймактык социалдык өнүктүрүү органына;

- балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жергиликтүү бөлүмдөрүнө (жашы жете элек өспүрүмдөргө карата);

- үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучусунун макулдугу менен үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине (эгерде анын туруктуу иштеген жери бар болсо).

27. Коргоо ордеринин берилгендигине жана узартылгандыгына, же бул аракеттерден баш тартылгандыгына даттануу ИИОго (инстанциялар боюнча), прокуратура органдарына же сотко белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

28. Он төрт жашка жашы жете элек, же сот тарабынан ишке жөндөмсүз деп табылган үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамга карата коргоо ордери алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө же балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүгүнө, ал эми алар жок болгон учурда жашы жете эелек өспүрүмдөрдүн иши боюнча ИИОнун кызматкерине берилет.

29. Он төрт жашка жете элек өспүрүмдүн атынан коргоо ордеринин мөөнөтүн отуз күнгө чейин узартуу боюнча арыз менен балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын өкүлү, же жашы жете эелек өспүрүмдөрдүн иши боюнча ИИОнун кызматкери кайрылуусу мүмкүн.

30. Сот тарабынан ишке жөндөмсүз деп табылган адамдардын атынан коргоо ордеринин мөөнөтүн отуз күнгө чейин узартуу боюнча арыз менен алардын мыйзамдуу өкүлү же социалдык өнүктүрүү органынын аймактык бөлүгүнүн кызматкери кайрылуусу мүмкүн.

## 7. Коргоо ордеринин шарттары

31. Коргоо ордери төмөндөгү шарттарды алдын ала карайт:

1) үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салуу;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адам менен түз же кыйыр түрдө байланышууга тыюу салуу.

3) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген Типтүү түзөтүүчү программа тууралуу жобого ылайык, зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча түзөтүүчү программадан өтүүсү тууралуу (эгер коргоо ордеринин мөөнөтү узарылса)

32. Коргоо ордеринин формасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы № 642 токтому менен бекитилген.

## 8. Коргоо ордерин берүү тартиби

33. Коргоо ордери аймактык ИИБнын ыкчам нөөмөтчүсү, МАЫӨ/ЖӨТ же МШБ/МАБдын башчысы тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук жасалган жер боюнча берилет.

34. Коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга кол койдуруу менен милдеттүү түрдө берилет.

35. ИИОнун кызматкерлери үчүн маалыматтык-контролдоо баракчасы МАЫӨ/ЖӨТкө коргоо ордеринин шарттарына көзөмөл кылуу үчүн жана алдын алуу иштерин жүргүзүү үчүн кол койдуруу менен берилет.

36. Коргоо ордеринин каттоо карточкасы ИИОнун нөөмөт бөлүмүндө 3 жылга чейин сакталат.

37. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндөгү маалымат, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдын макулдугу менен төмөндөгүлөргө жиберилет:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (айыл өкмөтү\ МТУ/КААБ);
- аймактык социалдык өнүктүрүү органына;
- аксакалдар сотторуна;
- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине (туруктуу иштеген жери болсо);
- үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоонун башка субъектилерине.

38. Жашы жете элек өспүрүмдөргө карата жасалган үй-бүлөлүк зомбулук учуру аныкталган кезде, маалымат жашы жете элек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча тескөөчүгө, ошондой эле балдарды коргоо боюнча аймактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберилиши керек.

39. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын кыймыл-аракетинде кылмыштын белгилери камтылса, материалдар ИИОнун тийиштүү бөлүктөрүнө өткөрүлүп, коргоо ордери берилет.

## 9. Коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышына контроль жүргүзүү тартиби

40. Коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышына контроль жүргүзүү ИИОнун коомдук коопсуздук кызматынын башчысына, МШБ жана МАБдын башчыларына жүктөлөт жана түздөн-түз МАЫӨ/ЖӨТ тарабынан жүзөгө ашырылат.

41. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын коргоо ордеринин шарттарын аткаруусуна контроль жүргүзгөн МАЫӨ/ЖӨТ абалга жараша контролдоонун төмөндөгү чараларын колдонуусу мүмкүн:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган үй-бүлөнүн же адамдын жашаган жерине баруу;
- телефон аркылуу маектешүү (телефондук контроль);
- коңшулары же туугандары менен маектешүү;
- зомбулук жасаган адамды ИИОго чакыруу;
- контролдоонун башка чаралары.

42. Коргоо ордери ушул Нускаманын 41-пунктунда көрсөтүлгөн контролдоолордун бирден кем эмес чарасын жүргүзүү жолу менен контролго алынышы керек:

- коргоо ордеринин мөөнөтү бүткөнгө чейин (3 күн);
- коргоо ордеринин мөөнөтү 30 күнгө узартылган учурда 15күн ичинде.

Коргоо ордерин берүү/узартуу датасы коргоо ордерин берүү/узартууну каттоо журналына ылайык аныкталат (Ушул Нускаманын 5-тиркемеси).

Контролдоонун саны жана чаралары коргоо ордеринин мөөнөтүнө жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын өздүгүнө жараша МАЫӨ/ЖӨТ тарабынан аныкталат.

43. Контролдоо чараларынын убактысы жөнүндө маалымат МАЫӨ/ЖӨТ тарабынан Маалыматтык-контролдоо баракчасына ИИОнун кызматкери үчүн жазылат.

## 10. Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча алдын алуу иштерин жүргүзүүнүн жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоонун башка субъектилери менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашыруунун тартиби

44. МАЫӨ/ЖӨТ аймактык социалдык өнүктүрүү органдарынын, коомдук алдын-алуу борборлорунун (КАБ) кызматкерлери жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоонун башка субъектилери менен биргеликте турмуш шарты начар үй-бүлөлөргө жана үй-бүлөлүк зомулук жасаган адамдарга алдын алуу иштерин өткөрүп турууга милдеттүү.

45. Үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу ИИО тарабынан өзүнүн компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырылат, анын ичинде:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоону жүзөгө ашырган башка субъектилер менен өз ара аракеттешүүдө;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды социалдык, укуктук, юридикалык, психологиялык жана башка колдоо жана жардам алуу үчүн мамлекеттик органдарга же коомдук жана башка уюмдарга жөнөтүү.

46. Алдын алуу (эскертүү) чараларына төмөндөгүлөр кирет:

1) тейленген аймакта алардын жасалышынын себептерин жана шарттарын эске алуу менен үй-бүлөлүк зомбулук болгон учурларына ай сайын талдоо жүргүзүү;

2) үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо шарттарын жана себептерин жок кылуу максатында үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча иш-чараларды МАЫӨ/ЖӨТтүн жумушчу пландарына киргизүү;

3) үй-бүлөлүк зомбулук учурларын болтурбоо жана алардын кайталанышына жол бербөө, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын коопсуздугун камсыз кылуу максатында алдын алуу маектешүүлөрдү, кеңеш берүүлөрдү өткөрүү;

4) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды үй-бүлө-тиричилик мамилелер чөйрөсүндө укук бузууга жол берген адам катары ИИОнун алдын алуу каттоосуна каттоо;

5) коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоо;

6) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарга үй-бүлөлүк зомбулукту жасоого жол берилбей тургандыгы жана укукка каршы экендиги, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча чаралар жөнүндө маалымат берүү;

7) жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого, зомбулуксуз жана жаңжалсыз жүрүм-турумду үгүттөөгө, ар бир адамды басмырлоого жол

бербөөгө багытталган үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо чөйрөсүндөгү маалыматтык жана агартуучулук компаниялар, иш-чаралар;

8) ИИО тарабынан Укук коргоо органдарынын координациялык кеңешмелеринин кароосуна үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча сунуштарды киргизүү.

## 11. Коргоо ордеринин бланкын толтуруу

47. Коргоо ордеринин бланкы милдеттүү түрдө толтурулуучу төрт бөлүктөн турат:

1) ИИОнун нөөмөт бөлүмүндөгү топтолмо папкасында сактала турган коргоо ордеринин эсепке алуу карточкасы (ушул Нускаманын 3-тиркемеси);

2) МАЫӨ/ЖӨТкө контролдоо иштерин жүзөгө ашыруу үчүн берилген жана контролдоо бүткөндөн кийин ИИОнун КККнын топтолмо папкасында сактала турган ИИО кызматкерлери үчүн Маалыматык-контролдоо баракчасы, (ушул Нускаманын 4-тиркемеси);

3) Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга берилген коргоо ордери;

4) Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамга берилген коргоо ордери.

48. Коргоо ордеринин номуру коргоо ордеринин баардык төрт бөлүгү үчүн бирдей болуп эсептелет.

49. Коргоо ордеринин эсепке алуу карточкасы ИИОнун нөөмөт бөлүмүндө калат.

50. ИИО кызматкерлери үчүн Маалыматтык-контролдоо баракчасы коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоо жана алдын алуу иштерин жүргүзүү үчүн МАЫӨ/ЖӨТгө берилет.

51. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам үчүн коргоо ордери колун койдуруу менен берилет. Коргоо ордерин алгандыгы тууралуу коргоо ордеринин эсепке алуу карточкасына кол коюлат.

52. Коргоо ордеринин бланкында керектүү позицияларды тандоо андагы коддорду тегеректөө жолу менен ишке ашырылат.

53. Коргоо ордеринин бланкы, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам тарабынан мамлекеттик же расмий тилде, кайсы тилди билгенине жараша толтурулат.

## 12. Коргоо ордерлери боюнча статистикалык отчету жана каттоону жүргүзүү

54. Коргоо ордерин берүү/узартуу ишин каттоо, коргоо ордерин берүү/узартуу ишин каттоо журналын (ушул Нускаманын 5-тиркемеси) жана коргоо карточкалары тиркелген топтолмо папкасын ачуу менен ИИОнун нөөмөт бөлүмүнүн кызматкери жүргүзөт.

55. Коргоо ордерин берүү/узартуу ишине жана коргоо ордерлерин берүү үчүн толтурулган материалдарга болгон контролдоо ИИОнун башчысы тарабынан аныктала турган ИИОнун кызматкерине жүктөлөт.

56. ИИОнун жооптуу кызматкери бул маалыматтарды (анын ичинде МШБ/МАБдан алынган маалыматтарды) андан ары Кыргыз Республикасынын ИИМдин МТББга жиберүү үчүн Бишкек шаардык жана Чүй облустук ИИББнын, облустардын жана Ош шаардык ИИБнын маалымат борборлоруна жөнөтөт.

57. Статистикалык отчет КР ИИМдин буйругу менен регламенттелет.

КР ИИМдин
14.11. 2017-ж. № 970 буйругуна
2-тиркеме

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

___________________________________________________________

(ички иштер органынын аталышы)

Коргоо ордерлерин берүүнү/узартууну каттоо

ЖУРНАЛЫ

Башталды «______»_____________________20___ж.

Аяктады «_____»_____________________20___ж.

| № к/н | Коргоо ордери берилген күн жана аяктоо мөөнөтү | Коргоо ордери узартылган күн жана аяктоо мөөнөтү | Үй-бүлөлүк зомбулук фактысынын кыска фабуласы | КОну берген ИИОнун кызматкеринин Аты-жөнү, кызмат орду | Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын аты-жөнү, жашаган жери | Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдын аты-жөнү, жашаган жери | Таанышты м МАЫӨ, ЖӨТ. Аты-жөнү. колу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

КР ИИМдин
14.11. 2017-ж. № 970 буйругуна
3-тиркеме

**Ички иштер органынын аталышы, райондун (шаардын) шифри___________________**

**КОРГОО ОРДЕРИН КАТОО КАРТОЧКАСЫ №______________**

**1. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам**

_____________________________________________________________________________________

*Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын аты-жөнү*

**2. Жынысы:** аял *(1),эркек. (2)*
**3. Туулган күнү:** «**___**» «**_______**» **________**-*ж.* **Жашы, жыл**: *20 (1), 21-30 (2), 31-40 (3), 41-50 (4), 51+ (5)*
**4. Билими:** *кесиптик жогорку (3), бүтпөй калган жогорку (4), кесиптик орто (5), жалпы орто (6), толук эмес орто (7), башка (8)*
**5. Алектенүү түрү:** *иштейт (8), иштебейт (9), окуучу/студент (10), пенсионер (11)*
**5.1. Иштеген жери**_____________________________________________________________________

*(Ээлеген кызматы, иштеген жеринин дареги)*

**6. Дареги:** 1. фактжүзүндө жашаган жери_______________________________________________
2. катталган жери______________________________________________________
3. телефон №_________________________________________________________
**7. Бар болгон ок атуучу куралы**: _____________________________________________________
*(Түрү жана куралдын №, уруксат берилген күнү)* ___________________________________________
**8. Кыскача фабула: __________________________________________________________________**
_____________________________________________________________________________________
**9. Үй-бүлөлүк зомбулуктун түрү:** *күч колдонулган (1), психологиялык (2), сексуалдык (3), экономикалык (4)*
**10.Үй-бүлөлүк зомбулук кимге карата жасалган:** *аялына (1), күйөсүнө (2), баласына (3), кызына (4), атасына (5), апасына (6), башка туугандарына (8)*

_____________________________________________________________________________________

*жабыр тарткан адамдын аты-жөнү*

**11. Жабыр тарткан адамдын жынысы:** аял *(1), эркек (2)*
**12. Жабыр тарткан адамдын туулган күнү:** «**_.___**» **________** **________**-*ж.,*
**Жашы, жыл:** *1-7* (1), *8-14* (2), *15-17* (3), *18-20* (4), *21-30* (5), *31-40* (6), *41-50* (7), 51+*(*8)
**13. Жабыр тарткан адамдын билими:** *кесиптик жогорку (3), бүтпөй калган жогорку (4), кесиптик орто (5), жалпы орто (6), толук эмес орто (7), башка (8)*
**14. Жабыр тарткан адамдын алектенүү түрү:** *иштейт (8), иштебейт (9), окуучу/студент (10), пенсионер (11)*
**15. Жабыр тарткан адамдын телефон №, дареги** ____________________________________________
_____________________________________________________________________________________
**16. Ким кайрылды:** *жабыр тарткан адам (1),мыйзамдуу өкүл (2), СКО (3), ЖӨТ (4), башка адамдар (5)*
**17. Коргоо ордеринин иштөө мөөнөтү** «___» _______ 20____-жылдан «___» _________20____-ж. чейин
**Коргоо ордерин берген:** ______________________________________________________________

*(ИИО кызматкеринин ээлеген кызматы, наамы, аты-жөнү, колу)*

**18. Коргоо ордеринин шарттары:** *үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салуу (1), жабыр тарткан адам менен түздөн-түз же кыйыр байланышта болууга тыюу салуу (2).*
**19. Административдик жоопкерчиликке тартылды:**
*66-3-берене: айып (1) өлчөмү ________________, коомдук иштер (2) мөөнөтү ________________________,*
*66-4-берене: айып (1) өлчөмү ________________, коомдук иштер (2) мөөнөтү ________________________,*
*Административдик кармоо (3) мөөнөтү _________________, административдик протоколдун №*
__________________
**20.Мурда жасалган үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө маалымат** __________________________________
*(ҮЗ жасалган күн, үй-бүлөлүк-тиричилик мамилелер чөйрөсүндөгү укук бузууга жол берген адам катары ИИОнун каттосунда турган, Конт. карточканын №)*

**21. Коргоо ордери узартылды** «__ __» __________ 20_______-жылдан «___ _» ___________20_______-ж. чейин
_____________________________________________________________________________________

*(ИИО кызматкеринин ээлеген кызматы, наамы, аты-жөнү, колу)*

**22. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам түзөтүү программасына жөнөтүлдү** __________________
_____________________________________________________________________________________

*(Түзөтүү программасынан өтүүчү жер)*

**22.1. Түзөтүү программасынан өткөндүгү тууралуу маалымат:** *өттү (1), өткөн жок (2), башка маалымат (3)*
**22.2. Жоопкерчиликке тартылгандыгы тууралуу маалымат** *66-4-б. айып (1), коом. иштер (2), адм. кармоо (3),*
**23. КО боюнча маалыматтык-контролдоо барагын алгандыгы тууралуу ИИО кызматкеринин колу**
_____________________________________________________________________________________

*(административдик участкону тейлеген ИИО кызматкеринин аты-жөнү)*

**24. Арыздын катталган номуру (ОжАМКК/ МКЖ/алф. журнал) №______** «_____» __ __20___-ж.
**25. Үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы тууралуу маалымат жабырлануучунун макулдугу менен «____» _________20___-ж. чыг. № төмөндөгүлөргө жөнөтүлдү** *жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына (айыл окмоту/МАБ/КАБ) (1аймактык социалдык өнүктүрүү органдарына (2), үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине (3), СКО (4)*

**Ички иштер органдарынын кызматкерлери өзүлөрүнүн компетенциясынын чегинде** үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча чараларды жүзөгө ашырууга, коргоо ордерин берүүгө, узартууга жана анын шарттарынын аткарылышын контролдоого милдеттүү (Кыргыз Республикасынын "Ички иштер органдары жөнүндө" мыйзамынын 8-бер.)

**Коргоо ордери -** үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге мамлекеттик коргоону көрсөтө турган жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата Мыйзамда аныкталган таасир берүү чараларын көрсөтүүчү документ.

Ички иштер органдары коргоо ордерин берүүгө жана анда камтылган шарттардын аткарылышын контролдоого милдеттүү.

**Коргоо ордерин берүүнүн негизи болуп,** үй-бүлөлүк зомбулук жасалган фактысы тууралуу каалаган адамдын ички иштер органына болгон билдирүүсү эсептелет.

**Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы** үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу билдирүүдө камтылган маалыматтарды текшерүү жолу менен ички иштер органы тарабынан аныкталат.

**Коргоо ордери** он сегиз жашка жеткен, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга берилет.

**Коргоо ордери** ички иштер органы тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жашаган жери боюнча үй-бүлөлүк зомбулук жасалган фактысы аныкталган кезден тартып жыйырма төрт сааттын ичинде **үч күндүк мөөнөткө милдеттүү түрдө берилет**.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын/он төрт жашка чыга элек жашы жете элек өспүрүмдөрдүн мыйзамдуу өкүлүнүн же сот тарабынан ишке жөндөмсүз деп табылган адамдын **оозеки же жазуу түрүндөгү арызы боюнча** ички иштер органы (милициянын шаардык бөлүмдөрүнүн жана айылдык бөлүмдөрүнүн башчылары, милициянын аймактык ыйгарымдуу өкүлү, жашы жете элек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча тескөөчү) **коргоо ордерин отуз күнгө узартышат.**

**Ички иштер органынын кызматкери төмөндөгүлөргө милдеттүү:**

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга коргоо ордеринин шарттары жана аны аткарбоонун кесепеттери тууралуу кол койдуруу менен тааныштыруу;

- коргоо ордерин алган үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга зомбулуктуу жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча түзөтүүчү программалардан өтүү мүмкүнчүлүктөрү жана шарттары тууралуу кол койдуруу менен билдирүүгө;

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана коргоо ордерин алган адам анда көрсөтүлгөн бардык шарттарды аткарууга милдеттүү. Ал коргоо ордеринин шарттарын аткарбаса, административдик жоопкерчиликке тартылат жана анын аракеттери токтобойт.

Коргоо ордерин берүү жана/же узартуу тууралуу маалымат коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоого ыйгарым укуктуу болгон ички иштер органынын кызматкерине жөнөтүлөт.

**Коргоо ордерин берүү жана/же узартуу тууралуу маалымат** аймактык социалдык өнүктүрүү органына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын уруктаты менен үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине жөнөтүлөт.

**Коргоо ордерин берген кызматкер** коргоо ордеринин формасынын № 3 тиркемесине ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын укуктарын түшүндүрүүгө милдеттүү.

Коргоо ордерин берилгендигине, узартылгандыгына же бул аракеттерди жасоодон баш тартылгандыгына прокуратурага же сотко даттанууга болот.

КР ИИМдин
14.11. 2017-ж. № 970 буйругуна
4-тиркеме

**ИИО кызматкери үчүн №_______ коргоо ордери боюнча**
**маалыматтык-контролдоо барагы**

**1. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам**

___________________________________________________________________
*Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын аты-жөнү*

**2. Дареги:** 1. фактжүзүндө жашан жери _________________________________________
2. катталган жери_________________________________________________
3. телефон № ____________________________________________________

**3. Кыскача фабула:** ______________________________________________________
___________________________________________________________________

**4. Үй-бүлөлүк зомбулуктун түрү:** *күч колдонулган (1), психологиялык (2), сексуалдык (3), экономикалык (4)*

**5. Үй-бүлөлүк зомбулук кимге карата жасалган:** ___________________________
*жабыр тарткан адамдын аты-жөнү*

**6. Жабыр тарткан адамдын телефон №, дареги** ____________________________________
___________________________________________________________________

**7. Коргоо ордеринин иштөө мөөнөтү** «___» ________ 20____-жылдан «___» __________20____-ж. чейин

**Коргоо ордерин берген:** ____________________________________________________
*(ИИО кызматкеринин ээлеген кызматы, наамы, аты-жөнү, колу)*

**8. Коргоо ордеринин шарттары:** *үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салуу (1), жабыр тарткан адам менен түздөн-түз же кыйыр байланышта болууга тыюу салуу (2).*

**9. Административдик жоопкерчиликке тартылды:**
*66-3-берене: айып (1) өлчөмү ________________, коомдук иштер (2) мөөнөтү ________________________,*
*66-4-берене: айып (1) өлчөмү ________________, коомдук иштер (2) мөөнөтү ________________________,*
*Административдик кармоо (3) мөөнөтү _________________, административдик протоколдун №* ______________

**10. Мурда жасалган үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө маалымат** __________________________
*(ҮЗ жасалган күн, үй-бүлөлүк-тиричилик мамилелер чөйрөсүндөгү укук бузууга жол берген адам катары ИИОнун каттосунда турган, Конт. карточканын №)*

**11. Коргоо ордери узартылды** «_____» ___________ 20_______-жылдан «_____» ____________20______-ж. чейин

| Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын сүрөтү (3х4) |
|---|

___________________________________________________________________
*(ИИО кызматкеринин ээлеген кызматы, наамы, аты-жөнү, колу)*

**12. Түзөтүү программасына жөнөтүлдү** __________________________________________
___________________________________________________________________
*(Түзөтүү программасынан өтүүчү жер)*

**12.1. Өткөндүгү тууралуу маалымат:** *өттү (1), өткөн жок (2), башка маалымат (3)*

**12.2. Жоопкерчиликке тартылгандыгы тууралуу маалымат:**
*66-3-берене: айып (1) өлчөмү _____________, коомдук иштер (2) мөөнөтү _______________,*
*66-4-берене: айып (1) өлчөмү _____________, коомдук иштер (2) мөөнөтү ________________,*
*Административдик кармоо (3) мөөнөтү _________________, административдик протоколдун №* ______________

**13. Коргоо ордерин алгандыгы, анын шарттары жана аларды аткарбоодогу жоопкерчилик менен таанышкандыгы тууралуу үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын колу**
«___» ________ 20____-ж. ______________________________________КОЛ КОЮУДАН БАШ ТАРТУУ (1)
*Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын аты-жөнү, колу*

**14. Коргоо ордерин алгандыгы, анын шарттары менен таанышкандыгы тууралуу үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын/мыйзамдуу өкүлдүн колу**
«___» ________ 20____-ж. __________________________________________________________
*Аты-жөнү, колу*

**15. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам тарабынан коргоо ордеринин шарттары сакталышын контролдоо тууралуу маалымат**
Биринчи текшерүүнүн датасы «______» ________ 20______-ж. убактысы «______» саат
Биринчи текшерүүнүн датасы «______» ________ 20______-ж. убактысы «______» саат
*сактап жүрөт (1), сактаган жок (2)*

___________________________________________________________________
*коргоо ордеринин шарттары аткарылып жаткандыгын тастыктаган адамдын аты-жөнү*

**Ички иштер органдары тарабынан жүзөгө ашырыла турган үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюунун түрлөрү:**

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендердин жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн же аларга барабар адамдардын өмүрүнө, ден-соолугуна коркунуч келген учурда, коркунучту жок кылуу боюнча токтоосуз чара көрүү;

2) жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кармоо;

3) коргоо ордерин берүү жана узартуу;

4) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды административдик же кылмыш жаза жоопкерчилигине тартуу;

5) өмүрүнө, ден-соолугуна коркунуч жаралган үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адамды анын макулдугу менен коопсуз жайга же баш калкалоочу жайга жайгаштыруу.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, социалдык өнүктүрүү органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерди коопсуз жайга токтоосуз жайгаштыруу боюнча ички иштер органдарына көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Мыйзамда аныкталган үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоонун башка субъектилери үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерди токтоосуз коопсуз жайга жайгаштырууда ИИОго көмөк көрсөтүшөт.

Ички иштер органынын кызматкери, өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч жаралган адамдар бар деп ойлоого негиз болсо, үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу боюнча чараларды көрүү үчүн ички иштер органдары жөнүндө мыйзамга ылайык жарандардын бөлмөлөрүнө жана аймагына тоскоолдуксуз кирүүгө укуктуу.

**Коргоо ордерин берүүнүн негизи болуп,** үй-бүлөлүк зомбулук жасалган фактысы тууралуу каалаган адамдын ички иштер органына болгон билдирүүсү эсептелет.

**Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы** үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу билдирүүдө камтылган маалыматтарды текшерүү жолу менен ички иштер органы тарабынан аныкталат.

**Коргоо ордери** он сегиз жашка жеткен, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга берилет.

**Коргоо ордери** ички иштер органы тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жашаган жери боюнча үй-бүлөлүк зомбулук жасалган фактысы аныкталган кезден тартып жыйырма төрт сааттын ичинде **үч күндүк мөөнөткө милдеттүү түрдө берилет**.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын, "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө" мыйзамда аныкталган башка адамдын оозеки же жазуу түрүндөгү арызы боюнча ички иштер органы коргоо ордерин отуз күнгө узартышат.**

Ички иштер органынын кызматкери үй-бүлөлүк зомбулук кылган адамга коргоо ордердин шарттары жана анын аткарылбагандыгын кол койдуруп тааныштырат.

**Ички иштер органынын кызматкери** коргоо ордерин алган үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча түзөтүүчү программалардан өтүү мүмкүнчүлүктөрү жана шарттары тууралуу кол койдуруу менен билдирүүгө милдеттүү.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана коргоо ордерин алган адам анда көрсөтүлгөн бардык шарттарды аткарууга милдеттүү. Коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо он бештен отузга чейинки эсеп өлчөмүндөгү административдик айып салуу түрүндөгү административдик жоопкерчиликти же коомдук иштерге отуз сааттан кырк саатка чейинки мөөнөткө тартууга же үч күндөн беш күнгө чейинки мөөнөткө административдик камакка алууга алып келет.

**Коргоо ордерин берүү жана/же узартуу тууралуу маалымат** коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоого ыйгарым укуктуу болгон ички иштер органынын кызматкерине жөнөтүлөт.

**Коргоо ордерин берүү жана/же узартуу тууралуу маалымат** аймактык социалдык өнүктүрүү органына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын уруксаты менен үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине жөнөтүлөт.

Коргоо ордерин берилгендигине, узартылгандыгына же бул аракеттерди жасоодон баш тартылгандыгына прокуратурага же сотко даттанууга болот.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИБУЙРУК «13» 11 2017-Ж. №963 «БЕРИЛГЕН КОРГОО ОРДЕРЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ, ҮЙ-БҮЛӨДӨ ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДАР, ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТКАНДАР ЖӨНҮНДӨ ВЕДОМСТВОЛУК ОТЧЕТТУУЛУКТУН ФОРМАЛАРЫН ЖАНА БЕРИЛГЕН КОРГОО ОРДЕРЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ, ҮЙ-БҮЛӨДӨ ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДАР, ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТКАНДАР ЖӨНҮНДӨ ВЕДОМСТВОЛУК СТАТИСТИКАЛЫК ОТЧЕТТОРДУ ТҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ТУУРАЛУУ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ»

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ

## П Р И К А З (Б У Й Р У К)

«13» 11.2017-ж. г. Бишкек шаары № 963

**«Берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө ведомстволук отчеттуулуктун формаларын жана берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө ведомстволук статистикалык отчетторду түзүүнүн тартиби тууралуу нускаманы бекитүү жөнүндө».**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө” мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы № 642 “Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө” токтомун натыйжалуу ишке ашыруу максатында, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун катталган учурлары тууралуу маалыматтарды өз убагында даярдоо жана аткаруу максатында,

### Б У Й Р У К К Ы Л А М:

1. Төмөндөгүлөр бекитилсин жана 2017-жылдын 1-декабрынан тартып ишке киргизилсин:

1.1. Берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө №№ 1 жана 2 формадагы ведомстволук отчеттуулук (№№ 1 жана 2 тиркеме).

1.2. Берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө ведомстволук статистикалык отчетторду түзүүнүн тартиби тууралуу нускама (№ 3 тиркеме).

2. ШОРИИОнун башчылары, берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө ведомстволук отчеттуулукту (№ 1 форма) Бишкек ш., Чүй обл. ИИББга, облустук жана Ош ш. ИИБга административдик-аймактык бөлүштүрүүлөр учурунда, отчеттук мезгилден кийинки айдын 3нө беришсин (№ 1 тиркеме).

3. Бишкек ш., Чүй обл. ИИББнын, облустук жана Ош ш. ИИБнын башчылары, берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө ведомстволук отчеттуулукту (№ 2 форма) Кыргыз Республикасынын ИИМдин МТББга административдик-аймактык бөлүштүрүүлөр учурунда, отчеттук мезгилден кийинки айдын 7не беришсин (№ 2 тиркеме).

4. Бишкек ш., Чүй обл. ИИББнын, облустук жана Ош ш. ИИБнын Маалыматтык борборлору административдик-аймактык бөлүштүрүүлөр учурунда Бишкек ш., Чүй обл. ИИББнын, облустук жана Ош ш. ИИБнын ар бир ай ичиндеги жыйынтык маалыматтарын түзсүн (өсүү жыйынтыгын).

5. Кыргыз Республикасынын ИИМдин Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгы административдик-аймактык бөлүштүрүүлөр учурунда Бишкек ш., Чүй обл. ИИББнын, облустук жана Ош ш. ИИБнын ар бир ай ичиндеги жыйынтык маалыматтарын түзсүн (өсүү жыйынтыгын) жана отчеттук мезгилден кийинки айдын 10на Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Улуттук статистикалык комитетине берсин.

6. Бишкек ш., Чүй обл. ИИББнын, облустук жана Ош ш. ИИБнын башчылары "Берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө" бериле турган отчеттун өз убагында, толук кандуу жана так болуусун камсыз кылсын.

7. Кыргыз Республикасынын ИИМдин ФЧКББнын башчысы (Р.У. Жапаров) Кыргыз Республикасынын ИИМдин Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгынын табыштама-разнарядкасы боюнча берилген коргоо ордери тууралуу ведомстволук статистикалык отчеттуулуктун бланктарынын (№ 1 жана 2 тиркеме) зарыл болгон санын 2018-жылдын 1-январына чейин басмаканадан даярдап чыгарсын.

8. Бул буйруктун аткарылышына жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын ИИМдин МТББнын (А.Д. Боobеков), ККНнын (С.Т. Асаналиев) башчыларына жүктөлсүн.

9. Бул буйруктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин орун басары милициянын полковниги А.К. Орозалиевге жүктөлсүн.

10. Буйрук республиканын ички иштер органдарынын жалпы ыкчам-жетектөөчү курамына жарыялансын.

**Министр** **У. Исраилов**
**милициянын генерал-майору**

Кыргыз Республикасынын ИИМдин буйругуна
№ 1 тиркеме № 963 «13» «11» 2017-жыл

| МАМЛЕКЕТТИК СТАТИСТИКАЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК | ГОСУДАРСТВЕННАЯ СТАТИСТИЧЕСКАЯ ОТЧЕТНОСТЬ |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Мыйзамына ылайык *купуялуулугуна кепилдик берилет* | В соответствии с Законом Кыргызской Республики «О государственной статистике» *конфиденциальность гарантируется* |
| **Маалыматтарды берүү тартибин, мөөнөтүн бузуу, аны бурмалап берүү, купуялуулугун сактабагандыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген жоопкерчиликти тартууга алып келет** | **Нарушение порядка, сроков представления информации, ее искажение и несоблюдение конфиденциальности влечет ответственность, установленную законодательством Кыргызской Республики** |

| | | |
|---|---|---|
| **№ 2 (коргоо ордер) ФОРМАСЫ** | **ФОРМА №-2 (охранный ордер)** | **6123092** ГКУД |
| **АЙЛЫК, ЖЫЛДЫК** | **ПОЧТОВАЯ – МЕСЯЧНАЯ, ГОДОВАЯ** | |

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун 2017-ж. 09.11. № 17 - токтому менен бекитилген | Утверждена Постановлением Нацстаткома Кыргызской Республики от 09.11. 2017 г. № 17 |

**ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ЖӨНҮНДӨ** **ОТЧЕТ** **О СЕМЕЙНОМ НАСИЛИИ**

| | |
|---|---|
| Маалымат технологиялар боюнча башка башкармалыгы отчеттук мезгилден кийинки 8-к³н³ - Кыргыз Республикасынын Улутстстакомуна **ТАПШЫРЫШАТ** | **ПРЕДСТАВЛЯЕТ** ГУИТ МВД КР - 8 числа после отчетного периода Нацстаткому Кыргызской Республики |

| | |
|---|---|
| Ишкана, уюмдун аталышы<br>Наименование предприятия, организации | **ОКПО** |
| Аймагы (облусу, району, шаары, калктуу пункту)<br>Территория (область, район, город, нас. пункт) | **СОАТЕ (**статистикалык орган тарабынан толтурулат)<br>(заполняется статистическим органом) |
| Дареги (почта индекси, көчөсү, үй №) Телефон E-mail (электрондук почта электронная почта)<br>Адрес (почтовый индекс, улица, № дома) | |
| Экономикалык ишмердиктин иш жүзүндөгү түрү (негизги**)**<br>Фактический вид экономической деятельности (основной) | **ГКЭД** |

«______»__________________ 20__-ж. (г.)

__________________________________________
аткаруучунун аты-жөнү, телефон №
фамилия и № телефона исполнителя

Жетекчи ___________________________________ ____________________
Руководитель фамилиясы, аты, атасынын аты (ФИО) колу (подпись)

**1 Бөлүм. . Үй бүлө (үй) зомбулугун катталган учурлар**
**Раздел 1. Зарегистрированные случаи домашнего (семейного) насилия**

| Аталышы Наименование | Код строки | Үй-бүлө (үй) зомбулугун катталган учурлар Зарегистрировано случаев семейного насилия | анын ичинде үй бүлө зомбулуктун түрү боюнча в том числе по видам насилия | | | | | Бардык коргоо ордерин берүү, бирдик Всего выдано охранных ордеров, единиц | анын ичинде коргоо ордерлерин узартуу в том числе продленные охранные ордера | Үй-бүлө зомбулугунун натыйжасында козголгон кылыш иши, бирдик Возбуждено уголовных дел вследствие семейного насилия, единиц | Административдик жоопкерчиликке тартылгандардын, адам Привлечено к административной ответственности, человек | анын ичинде беренелер боюнча в том числе по статьям | | | | белгиленген жазанын түрлөрү Назначены меры взыскания | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | физикалык физическое | психологиялык психологическое | сексуалдык сексуальное | экономикалык экономическое | үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу пренебрежительное отношение | | | | | Үй-бүлө зомбулугу Семейное насилие (ст. 66-3) | Коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо Неисполнение условий охранного ордера (ст. 66-4) | Майда ээнбаштык Мелкое хулиганство (ст.364) | Башка беренелер Прочие статьи | айып Штраф | Коомдук жумуш Общественные работы | Административдик камоо Административный арест |
| А | Б | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| **в разрезе административно – территориальных делений в г.Бишкек, Чуйской области, УВД областей и г. Ош** | 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 6 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 7 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 8 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 9 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | | | | | | | | | | | | | | | | | |

## 2 бөлүм. Үй-бүлө зомбулугу боюнча билдирүү　　Раздел 2. Обращения по случаям семейным насилия

| Аталышы Наименование | Саптын коду Код строки | Адамдардан/уюмдардан келип түшкөн билдирүү катталган учурлар Зарегистрировано случаев по обращениям, поступивших от лиц/организаций, всего | анын ичинде келип түшкөн арыздар: в том числе обращения, поступившие от: | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | жабыр тарткан пострадавшего | мыйзамдуу өкүлү законного представителя | балдарды жана үй-бүлөнү колдоо бөлүмү отдела поддержки семьи и детей | жашы жети элек өспүрүмдөрдүн инспектору ИДН | башка адамдар/уюмдар других лиц/ организаций |
| А | Б | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **В разрезе административно – территориальных делений в г.Бишкек, Чүйской области, УВД областей и г. Ош** | 1 | | | | | | |
| | 2 | | | | | | |
| | 3 | | | | | | |
| | 4 | | | | | | |
| | 5 | | | | | | |
| | 6 | | | | | | |
| | 7 | | | | | | |
| | 8 | | | | | | |
| | 9 | | | | | | |
| | 10 | | | | | | |

## 3 бөлүм. Коргоо ордеринин ылайык шарттарына жана ошондой эле ондоп-түзөө программасын өтүү
## Раздел 3. Условия соблюдения охранного ордера и прохождение коррекционной программы

| Аталышы Наименование | Саптын коду Код строки | Коргоо ордерин шарттары Условия охранного ордера | | Ондоп-түзөө программасына жиберилген адамдардын саны Число лиц, направленных на коррекционную программу | анын ичинде: в том числе: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салуу Запрет совершать семейное насилие | үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен түздөн-түз жана кыйыр катташууларга тыюу салуу Запрет на прямые и косвенные контакты с пострадавшим | | программаны өткөндөр прошли программу | программаны өткө жок не прошли программу | башка другое |
| А | Б | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **В разрезе административно – территориальных делений в г.Бишкек, Чүйской области, УВД областей и г. Ош** | 1 | | | | | | |
| | 2 | | | | | | |
| | 3 | | | | | | |
| | 4 | | | | | | |
| | 5 | | | | | | |
| | 6 | | | | | | |
| | 7 | | | | | | |
| | 8 | | | | | | |
| | 9 | | | | | | |
| | 10 | | | | | | |

**4 бөлүм. Үй бүлө зомбулугунун натыйжасында козголгон кылыш иши боюнча маалымат**
**Раздел 4. Сведения по уголовным делам, возбуждённым по случаям семейного насилия**

| Аталышы Наименование | Сап тын коду Код стро-ки | Үй-бүлө зомбулугун катталган учурлар Зарегистрировано случаев семейного насилия с возбуждением уголовных дел | анын ичинде: в том числе | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
